Кыргыз Республикасынын
Улуттук банкы

# КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН ФИНАНСЫ СЕКТОРУНУН ТУРУКТУУЛУГУ ЖӨНҮНДӨ ОТЧЕТ

## 2022-жылдын жыйынтыгы боюнча

2023-жылдын июнь айы

Бишкек

РЕДАКЦИЯЛЫК КЕҢЕШ

| | |
|---|---|
| Төрага | Чокоев З. |
| Кеңештин мүчөлөрү: | Жакыпов М. |
| | Абдырахманов М. |
| | Мамбеткул кызы А. |
| | Султаналиев А. |
| | Сарыажиев Э. |
| Жооптуу катчы | Орозалиев А. |

Уюштуруучу: Кыргыз Республикасынын Улуттук банкы

Басылма Кыргыз Республикасынын Юстиция министрлигинде 2012-жылдын 17-августунда каттоодон өтүп, № 1863 күбөлүккө ээ болгон

© Кыргыз Республикасынын Улуттук банкы, 2023
Басылманы Кыргыз Республикасынын Улуттук банкынын уруксатысыз кайсы болбосун формада, кандай болбосун каражаттар аркылуу басып чыгарууга жана таркатууга жол берилбейт. Кайра басып чыгарууда жана которууда “Кыргыз Республикасынын финансы секторунун туруктуулугу жөнүндө отчет” басылмасына милдеттүү түрдө шилтеме келтирүү зарыл.

Басылманын мазмунуна тиешелүү суроолор менен төмөнкү дарекке кайрылууга болот:

Бишкек шаары, Чүй проспекти, 168
Кыргыз Республикасынын Улуттук банкы
Финансылык туруктуулукка мониторинг жүргүзүү бөлүмү
телефону: (+996 312) 66-91-67
факс: (+996 312) 61-07-30
электрондук почта: aorozaliev@nbkr.kg

Басылма жылына 2 жолу кыргыз, орус жана англис тилдеринде басылып чыгат.

Отчеттогу статистикалык, аналитикалык жана эсептик маалыматтар/баа берүүлөр отчеттук мезгилдин акырына карата абал боюнча келтирилген.

Бул басылмада колдонулган эсепке алуу ыкмалары же мурдагы маалыматтар өзгөрүшү мүмкүндүгүнөн улам, буга чейин жарыяланган маалыматтар өзгөртүлүшү ыктымал, демек 10 жыл ичиндеги маалыматтарга өзгөртүү киргизилиши мүмкүн.

Сандар тегеректелишинен улам, суммасын эсептөөдө акыркы катардагы эсептерде дал келбестиктер келип чыгышы мүмкүн.

## Кыргыз Республикасынын Улуттук банкынын башка басылмалары

***Кыргыз Республикасынын Улуттук банкынын жылдык отчету***

Басылма Улуттук банктын өткөн жыл ичинде аткарган иши жөнүндө толук маалымат камтылган отчету болуп саналат. Отчетто экономиканын реалдуу секторундагы, финансылык жана тышкы секторлордогу өзгөрүүлөргө баа берүүлөр, Улуттук банктын акча-кредит чөйрөсүндө, банк жана төлөм системалары, банк эмес финансы-кредит уюмдары секторунда кабыл алган чечимдери жана иш-аракеттери тууралуу маалымат, анын ичинде финансылык отчет, Улуттук банк жөнүндө жалпы маалымат жана статистикалык тиркемелер камтылат. Басылма мамлекеттик, расмий жана англис тилдеринде басылып чыгат.

***Кыргыз Республикасынын Улуттук банкынын бюллетени***

Басылмада Кыргыз Республикасынын негизги макроэкономикалык жана финансылык көрсөткүчтөрү боюнча статистикалык маалымат камтылат. Улуттук банктын расмий интернет-сайтында мамлекеттик, расмий жана англис тилдеринде жарыяланат.

***Акча-кредит саясаты жөнүндө отчет***

Отчет аркылуу коомчулукка Улуттук банктын инфляциянын негизги факторлору жана Кыргыз Республикасынын тышкы жана ички чөйрөлөрүндө экономикалык жагдайдын өнүгүүсүнө баа берүүлөрдү иликтөөнүн жана болжолдоолордун негизинде акча-кредит саясаты чөйрөсүндө кабыл алынган чечимдери тууралуу маалымат берилет. Улуттук банктын расмий интернет-сайтында мамлекеттик, расмий жана англис тилдеринде жарыяланат.

***Кыргыз Республикасынын төлөм теңдеми***

Басылмада тышкы сектордун өнүгүү тенденциялары чагылдырылат жана анда төлөм теңдеми, тышкы соода жүргүзүү, эл аралык камдар, тышкы карыз жана эл аралык инвестициялык позициялар, ошондой эле төлөм теңдемин түзүүдө колдонулуучу метамаалыматтар жана маалымат базасы камтылат. Чейрек сайын - февраль, июнь, август, ноябрь айларында кыргыз, орус жана англис тилдеринде басылып чыгат.

***Кыргыз Республикасынын Улуттук банкынын ченемдик актылары***

Кыргыз Республикасынын Улуттук банкы тарабынан кабыл алынган жоболор, нускоолор жана башка ченемдик укуктук актылар. Журнал болжол менен ай ичинде бир жолу мамлекеттик жана расмий тилдерде басылып чыгат.

Улуттук банктын басылмалары бекитилген тизмеге ылайык таркатылат, ошондой эле Улуттук банктын расмий интернет-сайтында www.nbkr.kg/Басылмалар дареги боюнча жайгаштырылат.

# МАЗМУНУ

**КИРИШҮҮ** ..... 6
**НЕГИЗГИ ТЫЯНАКТАР** ..... 8
**I. МАКРОЭКОНОМИКАЛЫК ЖАНА ФИНАНСЫЛЫК КОНЪЮНКТУРА** ..... 9
1.1. Макроэкономикалык шарттар жана тобокелдиктер ..... 9
1.2. Финансы секторунун түзүмү ..... 13
1.3. Финансы рынокторунун абалы ..... 15
*1.3.1. Валюта жана акча рынокторунун абалы* ..... 15
*1.3.2. Баалуу кагаздар рыногунун абалы* ..... 16
1.4. Кыймылсыз мүлк рыногу ..... 18
**II. БАНК СЕКТОРУ** ..... 24
2.1. Банк секторун өнүктүрүүнүн негизги тенденциялары ..... 24
**2.2. Банк секторунда орун алган тобокелдиктер** ..... 27
*2.2.1. Кредиттик тобокелдик* ..... 27
*2.2.2. Ликвиддүүлүк тобокелдиги* ..... 32
*2.2.3. Концентрациялануу тобокелдиги* ..... 33
*2.2.4. Валюта тобокелдиги* ..... 34
*2.2.5. Пайыздык тобокелдик* ..... 36
*2.2.6. "Дуушарлануу" тобокелдиги* ..... 37
*2.2.7. Өлкөлүк тобокелдик* ..... 38
2.3. Банк секторун "кайтарым" стресс-тесттен өткөрүү ..... 39
*2.3.1. Кредиттик тобокелдикти "кайтарым" стресс-тесттен өткөрүү* ..... 39
*2.3.2. Ликвиддүүлүк тобокелдигин "кайтарым" стресс-тесттен өткөрүү* ..... 40
*2.3.3. Рыноктук тобокелдиктерди "кайтарым" стресс-тесттен өткөрүү* ..... 41
**III. БАНК ЭМЕС ФИНАНСЫ-КРЕДИТ УЮМДАРЫ** ..... 42
3.1. Негизги тенденциялар ..... 42
3.2. Банк эмес финансы-кредит уюмдарынын тобокелдиктери ..... 45
3.3. БФКУ секторун стресс-тесттен өткөрүү ..... 49
**IV. ТӨЛӨМ СИСТЕМАЛАРЫ** ..... 51
**V. БАНК СЕКТОРУНУН ИШИН ЖӨНГӨ САЛУУНУ ӨРКҮНДӨТҮҮ** ..... 54
**ГЛОССАРИЙ** ..... 60
**КЫСКАРТУУЛАРДЫН ТИЗМЕСИ** ..... 62

# КИРИШҮҮ

Кыргыз Республикасынын финансы секторунун туруктуулугу жөнүндө отчет Улуттук банк тарабынан 2012-жылдан тартып жарыяланып келет. Отчеттун негизги максаты – коомчулукка республиканын финансы системасынын туруктуулугуна жалпы баа берүү жөнүндө маалымдоо саналат.

Финансылык туруктуулук дегенден улам финансылык тең салмаксыздык жана таасирлер орун алган шартта да финансылык ортомчулук милдетин аткарууга өбөлгө түзгөн финансы мекемелеринин, финансы рынокторунун жана төлөм системаларынын жөнгө салынган жана үзгүлтүксүз ишин түшүнүү зарыл.

Жүргүзүлгөн мониторингдин жана финансылык туруктуулукка талдап-иликтөөлөрдүн натыйжалары Улуттук банк акча-кредит саясатынын негизги багыттарын иштеп чыгууда жана банк ишин жөнгө салууда, ошондой эле Кыргыз Республикасынын финансы-кредит уюмдарын өнүктүрүү стратегияларын иштеп чыгууда эске алынат.

Кыргыз Республикасынын финансы секторунун туруктуулугу жөнүндө отчет финансы рыногунун катышуучулары жана финансылык туруктуулук маселелерине кызыгуусун арткан жактар үчүн каралган.

# КЫСТЫРМАЛАРДЫН ТИЗМЕСИ

**1-кыстырма.** Турак жай менен камсыз болуу индекси ........ 22

**2-кыстырма.** Кыймылсыз мүлк рыногунда баанын өзгөрүшүнүн банк секторуна тийгизген таасирин стресс-тесттен өткөрүү ........ 23

**3-кыстырма.** Коммерциялык банктардын статистикалык байкоо жүргүзүүсүнүн жыйынтыктары: кредиттөө ........ 29

**4-кыстырма.** Коммерциялык банктардын статистикалык байкоо жүргүзүүсүнүн жыйынтыктары: ири кардарлар ........ 30

**5-кыстырма.** Кредиттик жана валюта тобокелдиктери ........ 35

**6-кыстырма.** Концентрациялануу индекстеринин негизинде БФКУ секторунун ишине баа берүү ........ 47

# НЕГИЗГИ ТЫЯНАКТАР

2022-жылы Кыргыз Республикасынын ИДӨсү 7,0 пайызга жогорулаган. Экономиканын өсүшүнө, негизинен, өнөр жай, айыл чарбасы жана кызмат көрсөтүүлөр чөйрөсү түрткү берген. Ошондой эле ички суроо-талаптын, анын ичинде реалдуу эмгек акынын жогорулашынан улам, жигердүү калыбына келиши байкалган.

Отчеттук мезгилде банк секторунун активдер, кредит портфели, депозиттик база, капитал жана пайда сыяктуу негизги көрсөткүчтөрүнүн өсүшү белгиленген.

2022-жылы банк секторунун кредит портфелинин сапаты 2021-жылдагыга салыштырганда жакшыргандыгы байкалган. Банк системасынын капиталынын шайкештик деңгээлинин жогору болушу келечекте банк секторунун ишинин финансылык ортомчулук деңгээлин, натыйжалуулугун жана анын туруктуулугун камсыздоо деңгээлин мындан ары жогорулатуу үчүн потенциал бар экендигин билдирет.

Эконометрикалык модель түзүү жана финансылык болжолдоо моделин түзүү натыйжасы, мурдагыдай эле, 2022-жылдын жыйынтыгы боюнча финансылык бекемдиктин запасы жетиштүү экендигин билдирет. Кайтарым стресс-тестирлөөнүн натыйжасы боюнча банк секторунда кредит портфелинин сапаты кыйла начарлашы жана кыска мөөнөттүү мезгилде макроэкономикалык таасирлерге дуушарланышы мүмкүн.

Банк эмес финансы-кредит уюмдары системасынын абалы орточо туруктуу катары бааланат. Төмөнкү көрсөткүчтөрдүн өсүшү белгиленген: активдер, кредит портфели, ресурстук база. Стресс-тестирлөөнүн натыйжалары банк эмес финансы-кредит уюмдары секторунун кредиттик тобокелдиги орточо деңгээлде болгондугун көрсөтөт.

Төлөм системаларындагы тобокелдик деңгээли жол берилген чекте болгон жана Кыргыз Республикасынын мыйзамдарында каралган эрежелер, тобокелдиктерди тескөө механизмдери жана ликвиддүүлүктүн сакталып турган жогору деңгээли, камсыздандыруу депозиттери жана алдын ала төлөө системасы менен шартталган. Мындан тышкары, отчеттук мезгилде соода боюнча өнөктөш өлкөлөрдөгү тобокелдиктердин Кыргыз Республикасынын төлөм системасына тийгизген таасирине баа берилген, ошондой эле финансылык жана операциялык тобокелдиктерди алдын алуу чаралары иштелип чыккан.

Финансы-кредит уюмдарынын ишин жөнгө салган ченемдик укуктук базанын өнүгүүсү негизинен, банк системасында туруктуулукту камсыз кылууга, 2022-жылдын сентябрь айында Баткен жана Ош областтарында болуп өткөн куралдуу кагылышуунун натыйжасында жабыркаган керектөөчүлөрдүн укугун коргоого, ошондой эле ислам каржылоо принциптерин өнүктүрүүгө жана ченемдик укуктук актыларды Кыргыз Республикасынын мыйзамдарына ылайык келтирүүгө багытталган.

# I. МАКРОЭКОНОМИКАЛЫК ЖАНА ФИНАНСЫЛЫК КОНЪЮНКТУРА

## 1.1. Макроэкономикалык шарттар жана тобокелдиктер

***2022-жылы Кыргыз Республикасынын экономикасы 7,0 пайызга өскөн. Экономиканын өсүшүнө, негизинен, өнөр жай, айыл чарбасы жана кызмат көрсөтүүлөр чөйрөсү түрткү берген. Ошондой эле ички суроо-талаптын, анын ичинде реалдуу эмгек акынын жогорулашынан улам, жигердүү калыбына келиши байкалган.***

***Дүйнөдө орун алган геосаясий жагдай жана аны менен бирге тышкы соода мамилелеринин өзгөрүшүнөн улам, логистиканын кыйындашы, ошондой эле жалпы дүйнөлүк экономиканын басаңдашы жана дүйнөлүк инфляциянын өсүшү тышкы рыноктордо белгисиздик жагдайын шарттаган. Дүйнөлүк товардык-чийки зат рынокторундагы баалар жогору жана өзгөрүлмөлүү бойдон калган. Мындай шарттарда 2022-жылы Кыргыз Республикасында керектөө баалары, негизинен, импорттолуучу инфляциянын өсүшүнүн натыйжасында жогорулап, Улуттук банктын максаттуу көрсөткүчтөрүнөн жогору болгон.***

***2022-жылдын жыйынтыгы боюнча мамлекеттик финансы секторундагы тартыштык өткөн жылдагыга караганда көбүрөөк болгон, бул айрыкча бюджеттик чөйрөдө кызматкерлердин эмгек акысынын жогорулашына жана финансылык эмес активдерди сатып алууга байланыштуу чыгашалардын кыйла көбөйүшү менен шартталган.***

### *Тышкы шарттар*

Дүйнөдөгү геосаясий жагдайга, глобалдуу инфляциянын тездешине жана COVID-19 пандемиясынын уланышына байланыштуу, Кыргыз Республикасынын соода боюнча өнөктөш өлкөлөрүндө экономикалык өнүгүү бир кылка болгон эмес. Россиядагы экономикалык жигердүүлүк деңгээли масштабдуу рестрикциядан улам кыйла төмөндөшү байкалган. Ал эми Казакстанда тышкы терс факторлорго карабастан, өлкө экономикасында мунайдын баасына жана ага карата суроо-талапка фискалдык өбөлгө түзүү эсебинен орточо өсүш арымы сакталып калган. Кытай экономикасы 3,0 пайызга өскөн, бул кытай өкмөтү 5,5 пайыз деңгээлинде белгилеген өсүштүн максаттуу көрсөткүчүнөн төмөн жана Кытай бийлигинин коронавируска карата локдаундарды улам киргизип туруусу менен коштолгон “Ковид – нөл” саясатынын улантылышы, мурдагыдай эле кыймылсыз мүлк рыногундагы төмөндөө, экспорт жана импорт көрсөткүчтөрүнүн начарлашы менен шартталган.

Борбордук банктардын инфляцияны жөнгө салуу максатында негизги ченди жогорулатышы жана Украинадагы конфликт дүйнөдөгү экономикалык жигердүүлүккө тиешелүү таасирин тийгизген.

### *Ички шарттар*

### *Ички дүң өнүм*

2022-жыл ичинде Кыргыз Республикасындагы экономикалык жигердүүлүк оң динамиканы көрсөткөн. Реалдуу ИДӨнүн өсүшү 2022-жыл жыйынтыгы боюнча 7,0 пайызды түзгөн[1] (2021-жылы ИДӨ 6,2 пайызга[2] өскөн). “Кумтөр” алтын кенин казып алуу ишканаларын кошпогондо, ИДӨнүн өсүш арымы каралып жаткан мезгилде 5,9 пайызды (2021-жылы 6,8 пайызга көбөйгөн) түзгөн. Экономиканын негизги тармактарында өндүрүш көлөмүнүн өсүшү төмөнкүчө

[1] Алдын ала маалыматтар боюнча.
[2] Такталган маалыматтар боюнча.

МАЗМУНУ

белгиленген: өнөр жай тармагында – 12,2 пайызды, курулуш – 8,0 пайызды, айыл чарбасында – 7,3 пайызды, кызмат көрсөтүүлөр секторунда – 4,8 пайызды түзгөн.

Өнөр жай тармагындагы өсүшкө, мурдагыдай эле, “Кумтөр” алтын кенин казып алуу ишканасындагы иштеп чыгаруу өндүрүшү негизги салымын кошкон, анын олуттуу өсүш арымы (+22,5 пайыз) 2021-жылдын салыштырмалуу төмөн базасы менен шартталган. Өлкө өндүрүшүнүн жалпы көлөмүндөгү салыштырма салмагы 1,5 пайыз өлчөмүндө бир аз гана үлүштү түзгөн электр энергиясы секторундагы өндүрүш көлөмү 8,3 пайызга кыскарган. Социалдык-маданий багыттагы объекттердин өндүрүшкө пайдаланууга берилиши курулуш секторунда 8,0 пайызга өсүштү камсыздаган. Каралып жаткан мезгилде айыл чарбасында дан эгиндерин өндүрүү көлөмү дээрлик 2 эсеге көбөйүшү эсебинен 7,3 пайыз деңгээлинде өсүш белгиленген, ал эми 2021-жылдын жыйынтыгы боюнча төмөн база (-4,6 пайыз) катталган.

Отчеттук мезгилде кызмат көрсөтүүлөр сектору экономиканын өсүшүнө көбүрөөк салымын (2,3 п.п.) кошкон, ал башкалардын ичинен транспорт ишинин жана соода жүгүртүү көлөмүнүн кыйла көбөйүшү менен камсыздалган. ИДӨнүн өсүшүнө 2,2 п.п. өлчөмүндө салымын кошкон өнөр жай тармактарынын арасынан иштеп чыгаруу өнөр жайынын оң салымы (2,1 п.п.) белгиленген, анын ичинен “Кумтөр” алтын кенин казып алуу ишканаларынын өндүрүшүнүн салымы 1,5 п.п. түзгөн.

ИДӨ дефлятору 16,1 пайыз деңгээлинде оң калыптанган, бул 2021-жылдын көрсөткүчүнөн 0,3 п.п. жогору.

### *Инфляция*

**1.1.1-график. Кыргыз Республикасындагы КБИ жана ФАО индексинин динамикасы**




*Булагы: КР УСК*

2022-жылы ФАО бааларынын индекси 2022-жылдын I жарым жылдыгында катталган жогорку маанилердин акырындап төмөндөө тенденциясы менен кыйла жогору деңгээлде сакталып калган. Төмөнкү факторлор, мурдагыдай эле, дүйнөлүк азык-түлүк бааларына жогорулатуучу таасирин тийгизген: дүйнөлүк суроо-талаптын жогору болушу, бир катар өндүрүүчү өлкөлөрдө жагымсыз аба-ырайы, өндүрүш жана транспорт чыгашаларынын көптүгү, ошондой эле Украинадагы кырдаалга байланыштуу белгисиздик жагдайы. 2022-жылдын акырында (чийки мунай затка баанын төмөндөшүнүн натыйжасында[3]) өсүмдүк майына баалардын төмөндөшү жана дан эгиндери менен эттин баасынын бир аз төмөндөшү байкалган, бул сүт азыктарына жана кантка баалардын орточо өсүшүнө алып келген.

Азык-түлүк товарларынын глобалдуу рыногу Кыргыз Республикасындагы инфляцияга олуттуу таасирин тийгизет жана көбүнчө КБИ динамикасынын калыптанышында чечүүчү роль ойнойт. Бул өлкөдөгү баалардын тышкы рыноктордон кыйла көз карандылыгы, ошондой эле керектөө куржунунун жарымына жакынын ээлеген азык-түлүк товарлары жалпы инфляцияга олуттуу салым кошуусу менен түшүндүрүлөт.

[3] Өсүмдүк майларын керектөөнүн басымдуу үлүшү, негизинен, биодизелди өндүрүү үчүн өнөр жайга пайдаланылат (өсүмдүк майларынын баасы мунай котировкасынан көз карандылыгы анык), ошол эле учурда күн карама майына таасирин тийгизбейт, анткени аны тамак-ашка пайдалануу үлүшү болжол менен 95 пайызды түзөт.

Отчеттук жылы Кыргыз Республикасында инфляциялык басымдын жогорулашы байкалган, ал эми 2022-жылдын август айынан тартып[4], дүйнөдөгү геосаясий жагдайдын курчушунан жана инфляциянын глобалдуу трендинен улам, дүйнөлүк товардык-чийки зат рынокторунда баалардын кыйла өзгөрүлмөлүүлүгү белгиленген. УСКнын маалыматына ылайык, 2022-жылдын декабрында инфляция жылдык мааниде 14,7 пайызды (2021-жылдын декабрында – 11,2 пайызды) түзгөн.

**1.1.2-график. Кыргыз Республикасында КБИ (жыл башынан тартып өткөн жылдын тиешелүү мезгилине карата топтолмо)**




*Булагы: КР УСК, www.fao.org*

Кыргыз Республикасында инфляция “нан азыктары жана акшактар” (жогорку жана биринчи сорттогу ун), “эт” жана “кант” товарлар тобуна баанын өсүшүнүн натыйжасында азык-түлүк компонентинин салымынын жогорулашы эсебинен (КБИге салымы 49,0 пайыз же түптөлгөн жылдык инфляциянын 7,2 п.п.) калыптанган.

Отчеттук мезгилде кийим-кече жана бут кийим, тиричилик техникасы, КММ сыяктуу импорттук товарларга жана башка товарларга баанын жогорулашынан улам, азык-түлүктөн башка товарларга баалар кыйла өскөн, бул ички баалардын мурдагыдай эле тышкы баалардын таасирине дуушарлануусу менен шартталган. “Транспорт” кызмат көрсөтүүлөрү тобуна, ошондой эле “тойканалар жана мейманканалар”, “эс алуу, оюн-зоок жана маданият” жана “ар башка товарлар жана кызмат көрсөтүүлөр” топторунда баалардын жогорулашына байланыштуу, акы төлөнүүчү кызмат көрсөтүүлөргө баалардын орточо өсүшү байкалган.

### *Эмгек рыногу жана эмгек акы*

Кыргыз Республикасынын Эмгек, социалдык камсыздоо жана миграция министрлигинин маалыматына ылайык, жумуш менен камсыздоо боюнча мамлекеттик органдарда жумуш издеп катталгандардын саны 2023-жылдын 1-январына карата 98,8 миң адамды түзгөн, бул 2021-жылдын ушул эле күнүнө салыштырганда 0,6 пайызга аз. Катталган жумушсуздук деңгээли 2021-жылдын көрсөткүчүнө салыштырганда 0,1 п.п. төмөндөп, экономикалык жигердүү калктын 2,8 пайызын түзгөн, бул экономикадагы калыбына келтирүү процессине байланыштуу келип чыккан.

Каралып жаткан мезгилде экономикалык иштин бардык түрлөрү боюнча эмгек акынын жогорулашынын оң динамикасы белгиленген.2022-жылдын жыйынтыгы боюнча бир кызматкер-дин орточо айлык номиналдык эмгек акысы 26,6 миң сомду түзүп, 2021-жылдын көрсөткүчүнө салыштырганда 31,8 пайызга өскөн. Реалдуу эмгек акы отчеттук жылы өткөн мезгилге салыштырмалуу 15,7 пайызга көбөйгөн.

Натыйжада, жумушсуздардын санынын кыскарышы жана реалдуу эмгек акыларынын көбөйүшү ички суроо-талаптын калыбына келишин тездеткен.

[4] 15,6 пайыз, 2022-жылдагы инфляциянын максималдуу мааниси.

### *Мамлекеттик бюджет*

Кыргыз Республикасынын Финансы министрлигинин Борбордук казыналыгынын алдын ала маалыматы боюнча 2022-жылы мамлекеттик бюджеттин тартыштыгы 10,4 млрд сомду же ИДӨгө карата 1,1 пайызды түзгөн (2021-жылы бюджет ИДӨгө карата 0,2 пайыз өлчөмүндө тартыштык менен аткарылган). Мамлекеттик бюджеттин кирешелеринин динамикасы жогору өсүш арымын көрсөткөн, бул чыгашаларды, анын ичинде эмгек акыларын, социалдык төлөөлөрдү жана пенсияларды жогорулатууга алдын ала пландаштырылган чыгашаларды жана 2022-жылдын сентябрь айында кыргыз-тажик чек арасындагы куралдуу кагылышуунун натыйжасындагы зыянды калыбына келтирүүгө жана жабыркагандарга жардам көрсөтүүгө байланышкан пландан тышкаркы чыгашаларды көбөйтүүгө мүмкүндүк берген. Натыйжада, бюджеттин кирешелери 43,2 пайызга, 300,5 млрд сомго чейин (ИДӨгө карата 32,7 пайыз) өскөн. Ал эми операциялык ишке бюджеттин чыгашалары 35,8 пайызга, 224,6 млрд сомго чейин (ИДӨгө карата 24,4 пайыз) көбөйгөн. Бюджеттин күндөлүк чыгашалары ички суроо-талаптын өсүшүнө өбөлгө түзүп, өлкөдөгү инфляцияга бир аз жогорулатуучу таасирин тийгизген. Финансылык эмес активдерди таза сатып алуу 86,3 млрд сомго чейин кыйла (2021-жылдагыга караганда 1,9 эсе көп) өскөн.

Бюджеттин тартыштыгын каржылоо максатында, 2022-жылы Финансы министрлиги ички жана тышкы карыз алышууларды жүзөгө ашырган. Ошентип, бюджеттин тартыштыгын таза ички каржылоо көлөмү 6,4 млрд сомду (2021-жыл ичиндеги көрсөткүчкө салыштырганда +20,0 пайыз) жана тышкы каржылоо көлөмү – 26,7 млрд сомду түзгөн, бул 2021-жылдын жыйынтыгына караганда 2,1 эседен көбүрөөк.

### *Макроэкономикалык тобокелдиктер*

Отчеттук мезгилде Украинадагы уланып жаткан согуш аракеттеринен улам, инфляциянын жогору деңгээлде болушу, пайыздык чендердин жогорулашы, инвестициялардын кыскарышы жана берүүлөр байланышынын үзгүлтүккө учурашы дүйнөлүк экономиканын өсүшүн басаңдатышын уланткан. Суроо-талаптын азайышы тууралуу кооптонуулардын күчөшүнө, геосаясий жагдайдын курчушуна жана анын кесепетине байланыштуу, дүйнөлүк рецессия тобокелдиги сакталып турган. Мындай шарттарда капиталдын өлкөгө агылып киришинин, акча которуулардын түшүүсүнүн, инвестициялар көлөмүнүн басаңдашы жана алгылыксыз өзгөрүүлөргө дуушарланган башка факторлор боюнча тобокелдиктер актуалдуу болуп саналат.

2023-жылы ички шарттар сыяктуу эле, геосаясий белгисиздик жагдайы, жогору волатилдүүлүк жана дүйнөлүк азык-түлүк жана энергия продукциялары рыногундагы баалардын жогорулашы сыяктуу тышкы шарттар да инфляцияга таасирин улантат. Ал эми ички шарттарга 2022-жылы ишке ашырылган фискалдык импульстун таасири, электр жана жылуулук энергиясына акциздердин жана тарифтердин көтөрүлүшү, ошондой эле ишканалар менен үй чарбалары боюнча инфляциялык күтүүлөрдүн жогорулашы кирет. Инфляциянын тышкы жана монетардык факторлорунун таасирин азайтуу багытында жүргүзүлгөн монетардык саясат инфляцияны орто мөөнөттүү мезгилде максаттуу көрсөткүчкө чейин төмөндөтүүгө өбөлгө түзөт.

Бюджетке бардык түшүүлөрдүн болжол менен жарымы башка өлкөлөр менен соода жүргүзүү шарттарынан түздөн-түз көз каранды болгон экономикалык иштен салыктык түшүүлөр эсебинен камсыздалышын эске алганда, алардын кыйла терс өзгөрүүсү бюджеттин киреше бөлүгүнүн калыптануу тобокелдигинин жогорулашына алып келиши мүмкүн. Тышкы карыз алышуулардын жогору үлүшүнүн сакталышы өлкө экономикасынын тезирээк калыбына келишине тоскоолдук жаратышы мүмкүн.

## 1.2. Финансы секторунун түзүмү

Кыргыз Республикасынын финансы секторунун институционалдык түзүмүн коммерциялык банктар жана башка финансылык институттар түзөт.

**1.2.1-таблица. Финансы секторунун институционалдык түзүмү**
*(финансылык институттардын саны)*

| Финансы институттары | 2018 | 2019 | 2020 | 2021 | 2022 |
|---|---|---|---|---|---|
| **Коммерциялык банктар** | **25** | **24** | **23** | **23** | **23** |
| **Башка финансылык компаниялар, анын ичинде:** | **689** | **660** | **637** | **607** | **689** |
| **Банктык эмес финансы-кредит уюмдары (БФКУ), анын ичинде:** | **665** | **637** | **617** | **604** | **686** |
| Микрофинансылык уюмдар, анын ичинде: | 142 | 137 | 134 | 133 | 130 |
| микрокредиттик компаниялар | 95 | 89 | 87 | 86 | 87 |
| микрокредиттик агенттиктер | 39 | 39 | 38 | 37 | 34 |
| микрофинансылык компаниялар | 8 | 9 | 9 | 10 | 9 |
| Адистештирилген финансы-кредит уюму | 1 | 1 | 1 | 1 | 1 |
| Кредиттик бюролору | 2 | 2 | 2 | 2 | 2 |
| Кредиттик союздар | 106 | 95 | 92 | 88 | 84 |
| Алмашуу бюролору | 413 | 401 | 387 | 379 | 467 |
| Гарантиялык фонд ААКсы | 1 | 1 | 1 | 1 | 1 |
| Турак жай-сактык кредиттик компаниясы | - | - | - | - | 1 |
| **Камсыздандыруу компаниялары** | **17** | **17** | **17** | **-** | **-** |
| **Инвестициялык фонддор** | **4** | **3** | **-** | **-** | **-** |
| **Фондулук биржалар** | **1** | **1** | **1** | **1** | **1** |
| **Пенсиялык фонддор** | **2** | **2** | **2** | **2** | **2** |

*Булагы: КБ, БФКУ, КР УСК, Мамлекеттик финансылык көзөмөл*

2022-жылдын акырында банктардын жана БФКУнун активдери 519,2 млрд сомду же ИДӨгө карата 56,5 пайызды түзгөн.

Финансы секторунун чогуу алгандагы кредит портфели отчеттук жылдын акырына карата 234,3 млрд сомду же ИДӨгө карата 25,5 пайызды түзгөн. Финансы секторунун кредит портфелинде банктардын кредиттеринин үлүшү 0,4 пайыздык пунктка азайган жана 2022-жылдын акырына карата 87,1 пайыз чегинде катталган (1.2.1-график).

**1.2.1-график. Кредит портфелинин түзүмү**




*Булагы: КБ жана БФКУ*

**1.2.2-график. Финансы секторунун кредит портфелинин тармактык түзүмү**




*Булагы: КБ жана БФКУ*

МАЗМУНУ

Коммерциялык банктардын кредит портфелинин тармактык түзүмүндө мурдагыдай эле соода чөйрөсүндө кредиттердин жогору деңгээлде концентрацияланышы белгиленген, ал эми БФКУда жогорку деңгээлдеги концентрация керектөө кредиттеринде байкалат. Финансы секторунун кредит портфелинин чогуу алгандагы үлүшү экономиканын көрсөтүлгөн тармактарында каралып жаткан жылдын акырына карата кредиттердин жалпы көлөмүндө 45,0 пайызга жеткен жана 105,3 млрд сомду түзгөн (1.2.2-график).

## 1.3. Финансы рынокторунун абалы

***Ички валюта рыногундагы абал көбүнчө дүйнөдөгү геосаясий жагдайдын таасири менен түшүндүрүлөт жана алмашуу курсунун 2022-жыл башында өзгөрүлмөлүү болушу, жыл акырына карата рыноктун акырындап турукташуусу менен мүнөздөлөт. Айрым мезгилдерде накталай чет өлкө валютасына суроо-талаптын жогорулашы байкалган. Улуттук банк тарабынан алмашуу курсунун олуттуу өзгөрүшүнө жол бербөө максатында чет өлкө валютасын сатып алуу жана сатуу боюнча интервенциялар өткөрүлгөн, ошондой эле АКШ долларынын өлкөдөн агылып чыгуусуна бөгөт коюуга мүмкүндүк берген кризиске каршы чаралар алдын ала көрүлгөн.***

***Отчеттук мезгилде банк системасында үстөк сом ликвиддүүлүгү болгондуктан, акча рыногундагы бүтүмдөрдүн көлөмү 2021-жылга салыштырмалуу аз болгон, ал эми Улуттук банктын нота рыногунда жигердүүлүктүн күчөшү байкалган. Мамлекеттик баалуу кагаздар рыногу, негизинен, узак мөөнөттүү сегментте өнүгүүсүн улантқан, ал эми кыска мөөнөттүү баалуу кагаздарга суроо-талап дээрлик болгон эмес.***

### *1.3.1. Валюта жана акча рынокторунун абалы*

#### *Валюта рыногу*

**1.3.1.1-график. Валюта рыногунда Улуттук банктын интервенцияларынын динамикасы**




Улуттук банк тарабынан АКШ долларын сатып алуу

Улуттук банк тарабынан АКШ долларын сатуу

Мезгилдин акырына карата АКШ долларынын эсептик курсу (оң шкала)

**1.3.1.2-график. Операциялардын түрлөрү боюнча чет өлкө валютасын сатып алуу жана сатуу көлөмү (сом эквивалентинде)**




Акча алмаштыруу бюролорунун накталай операцияларынын көлөмү

Коммерциялык банктардын накталай операцияларынын көлөмү

Коммерциялык банктардын нак эмес операцияларынын көлөмү

*Булагы: Улуттук банк*

Ички валюта рыногундагы жагдай региондогу геосаясий жагдайдын, анын ичинде Кыргыз Республикасынын соода боюнча өнөктөш өлкөлөрүнүн валюта рыногундагы абалдын таасиринде алмашуу курсунун волатилдүүлүгү менен мүнөздөлгөн. Айрым мезгилдерде накталай чет өлкө валютасынын убактылуу тартыштыгынан улам, ага карата суроо-талаптын жогорулашы байкалган. Региондун башка өлкөлөрүндө да ушундай эле жагдай орун алган. Региондун өлкөлөрүнүн валюта рыногунда накталай жана накталай эмес АКШ долларынын наркындагы айырмадан улам, айрым жактардын алып-сатарлык пайда алуу максатында операцияларды жүргүзүүсү ички валюта рыногунун таасиринин кошумча фактору болуп саналат.

Өлкөнүн экономикалык коопсуздугун камсыз кылуу жана кризистик жагдайлардын терс натыйжаларын жөнгө салуу максатында Улуттук банк тарабынан бир катар кризиске каршы чаралар көрүлгөн, анын ичинде коммерциялык банктарга, алмашуу бюролоруна жана микрофинансылык уюмдарга накталай чет өлкө валютасын өлкөдөн тышкары чыгарууга тыюу салынган.

2022-жылдын акырына карата АКШ долларынын сомго карата расмий курсу бир АКШ доллары үчүн 85,6800 сомду түзгөн, бул 2021-жылдын акырындагы көрсөткүчтөн 1,1

МАЗМУНУ

пайызга көп жана 2022-жылдын 16-мартындагы 1 АКШ доллары үчүн 105,0000 сомду түзгөн максималдуу мааниден 18,4 пайызга төмөн.

Алмашуу курсунун олуттуу өзгөрүшүнө жол бербөө үчүн Улуттук банк чет өлкө валютасын сатуу боюнча 486,5 млн сом суммасында жана АКШ долларын сатып алуу боюнча 190,7 млн сом суммасында интервенция жүргүзгөн.

Валюта рыногунда чет өлкө валютасын сатып алуу жана сатуу операцияларынын жалпы көлөмү отчеттук мезгилде резидент эместер менен ишке ашырылган операцияларды эске алуу менен 38,0 пайызга, 2,1 млрд сом эквивалентине чейин өскөн. Казак теңгесинен тышкары, бардык валюталар боюнча операциялардын көлөмүнүн көбөйүшү байкалган.

Операциялардын негизги бөлүгү накталай формада жүргүзүлөт, ал эми накталай операциялардын түзүмүндө басымдуу үлүштү, мурдагыдай эле, алмашуу бюролорунун накталай операциялары ээлейт, ошол эле учурда коммерциялык банктардын накталай операцияларынын үлүшү 2021-жылга салыштырганда көбөйгөн, бул көбүнчө ички валюта рыногунда түптөлгөн жагдай жана накталай чет өлкө валютасына суроо-талаптын көптүгү менен шартталган. Валюталардын номиналы боюнча казак теңгесинен тышкары, валюталардын бардык түрлөрү боюнча чет өлкө валютасын сатып алуу жана сатуу операцияларынын көлөмү көбөйгөн.

### *Акча рыногу*

2022-жылы банктар аралык кредиттик рыноктогу жигердүүлүк өткөн жылдарга салыштырмалуу төмөн болгон. Өлкөдө инфляциялык процесстерди оздуктоого багытталган акча-кредит саясатынын катуулатылышына байланыштуу, пайыздык чендер кыйла жогорулаган.

Банктар аралык кредиттик рыноктогу бүтүмдөрдүн көлөмү 14,9 млрд сомду түзгөн, бул 2021-жылга салыштырганда 56,1 пайызга төмөн. Каралып жаткан мезгилде улуттук жана чет өлкө валютасындагы стандарттуу бүтүмдөр ишке ашырылган эмес, натыйжада, бардык бүтүмдөр репо шарттарында жүргүзүлгөн. Банктар аралык рынокто орточо алынган чен 2021-жылдагы 5,7 пайызга салыштырганда 12,1 пайызды түзгөн. Ал эми орточо алынган мөөнөтү 2021-жылдагы 4,5 күндөн кыскаруу менен 3,8 күндү түзгөн.

Улуттук банк тарабынан банктардын кыска мөөнөттүү ликвиддүүлүгүн колдоо үчүн сунушталган овернайт кредиттеринин көлөмү байкоого алынган мезгилде 16 727,0 млн сомду түзгөн, бул 2021-жылдагыдан 19,7 пайызга аз. Коммерциялык банктардын каражаттарын жайгаштыруу көлөмү 2021 -жылдагы ушул көрсөткүчтөн 2 эсеге көбөйүү менен 3 539,0 млрд сомду түзгөн.

### *1.3.2. Баалуу кагаздар рыногунун абалы*

2022-жылы мамлекеттик баалуу кагаздардын кыска мөөнөттүү сегментинде катышуучулардын жигердүүлүгү төмөн болгон жана жүгүртүү мөөнөтү 12 айлык мамлекеттик казына векселдери (МКВ) гана сунушталган. Аукциондордун, ошондой эле кошумча жайгаштыруулардын жыйынтыгы боюнча МКВны сатуу көлөмү 8,28 пайыз орточо алынган кирешелүүлүк боюнча 213,8 млн сомду түзгөн.

2022-жылы ички карыз алышуу, негизинен, мамлекеттик казына облигациялары (МКО) рыногунун эсебинен көбөйгөн. Аукциондордо МКОну сунуштоо көлөмү 26,1 пайызга, инвесторлордун МКОго суроо-талабы 18,1 пайызга көбөйгөн, МКОну сатуу көлөмү (кошумча жайгаштырууну эске алганда) 1,4 пайызга оң динамиканы көрсөткөн. Отчеттук мезгилде суроо-талаптын жалпы көлөмүндөгү үлүшү 37,3 пайызды түзгөн жүгүртүү мөөнөтү 10 жылдык МКОго суроо-талап көбүрөөк болгон.

Отчеттук мезгилде МКОнун жалпы орточо алынган кирешелүүлүгү 15,0 пайыз (+3,9 п.п.) деңгээлинде түптөлгөн. Каралып жаткан мезгилде экинчилик рынокто МКВ жана МКО боюнча операциялар ишке ашырылган эмес.

2016-жылдан тартып биринчи жолу чет өлкө валютасында номинацияланган 10 жылдык МКОну жайгаштыруу боюнча 1,0 пайыз орточо алынган кирешелүүлүк менен 52,0 млн АКШ доллары суммасына бир аукцион өткөрүлгөн.

Отчеттук мезгилде Улуттук банктын ноталар рыногунда жүгүртүү мөөнөтү 7, 14, 28 жана 91 күндүк ноталар сунушталган. Банк системасында үстөк ликвиддүүлүк жогорку деңгээлде болгон шартта, Улуттук банктын ноталар рыногунда алгылыктуу кирешелүүлүктү эске алуу менен рекорддук көрсөткүчтөр катталган. Сатуунун басымдуу көлөмү Улуттук банктын жүгүртүү мөөнөтү 14 күндүк ноталарына туура келген. 2022-жылы Улуттук банктын бардык ноталары боюнча орточо алынган кирешелүүлүк январь айындагы 6,89 пайыздан декабрь айында 12,13 пайызга чейин көбөйүү менен 11,98 пайызды (+6,24 п.п.) түзгөн.

МАЗМУНУ

МАЗМУНУ

## 1.4. Кыймылсыз мүлк рыногу

***Кыргыз Республикасынын кыймылсыз мүлк рыногунда 2022-жылдын жыйынтыгы боюнча 2021-жылдын тиешелүү мезгилине салыштырганда кыймылсыз мүлккө баа индексинин[5] өсүш арымынын жогорулашы байкалган, бул жеке турак үйлөргө (баалардын 44,0 пайызга өсүшү) жана квартираларга (баалардын өсүшү 19,5 пайызды түзгөн) баалардын өсүшү менен шартталган.***

***Ошол эле учурда 2021-жылга салыштырганда турак жайдын жеткиликтүүлүк индекси Кыргыз Республикасында минималдуу керектөө бюджетин эске алганда, 11,1 пайыздан 9,6 пайызга чейин төмөндөгөн, буга номиналдык орточо эмгек акынын өсүш арымынын кыймылсыз мүлккө баалардын өсүш арымынан озушу өбөлгө түзгөн.***

***Кыймылсыз мүлк рыногунун финансы сектору үчүн тобокелдиктери орточо деңгээлде сакталууда, бул банктардын жалпы кредит портфелинде ипотекалык кредиттер[6] үлүшүнүн жогору болбошу (төмөн болушу) менен шартталган.***

2022-жылдын жыйынтыгы боюнча Кыргыз Республикасында турак жай кыймылсыз мүлкүнө баа индексинин өсүш арымынын 7,2 пайыздан 30,7 пайызга чейин жогорулашы жана турак жай кыймылсыз мүлкүнө базистик баа индексинин 153,1 пайыздан 233,1 пайызга чейин өсүшү белгиленген. Бул 2021-жылга салыштырганда жеке турак үйлөргө баалардын 44,0 пайызга жана квартирларга баалардын 19,5 пайызга өсүшү менен шартталган.

**1.4.1-график. Турак жай кыймылсыз мүлк рыногунда баа индексинин өсүш арымы**




*Булагы: Жер ресурстары кызматы, Улуттук банктын эсептөөлөрү*

**1.4.2-график. Турак жай кыймылсыз мүлк рыногунда базистик баа индексинин өсүш арымы[7]**




*Булагы: Жер ресурстары кызматы, Улуттук банктын эсептөөлөрү*

---

[5] Кыймылсыз мүлккө баа индексин аныктоодо Ласпейрес индексинин ыкмасы колдонулган. Жалпы алганда Ласпейрес индекси төмөнкүчө аныкталат:

$$L = \left(\sum_{i=1}^{K} QoiPti \,/\, \sum_{i=1}^{K} QoiPoi\right)*100,$$

мында

K = кыймылсыз мүлктүн түрлөрүнүн саны;

Qoi = базистик мезгилде i түрүндөгү кыймылсыз мүлк объекттеринин саны;

Poi = базистик мезгилде i түрүндөгү кыймылсыз мүлк объектисинин баасы;

Pti = каралып жаткан мезгилде i түрүндөгү кыймылсыз мүлк объектисинин баасы.

[6] Азыркы учурда Кыргыз Республикасынын шарттарында ипотекалык кредит деген түшүнүк, эрежедегидей эле, кыймылсыз мүлккө менчик укугун күрөөгө коюу менен берилген узак мөөнөттүү кредитти билдирет.

[7] Базистик мезгил катары 2010-жыл алынган.

2022-жылдын 31-декабрына карата абал боюнча турак-жайдын (квартиранын) 1 чарчы.м орточо баасы 2021-жылга салыштырганда Ош шаарында 13,4 пайызга, 49,2 миң сомго чейин, Бишкек шаарында – 21,8 пайызга, 71,2 миң сомго чейин жогорулаган. Жеке турак үйлөрдүн 1 чарчы.м орточо баасы Ош шаарында 86,7 пайызга, 112,7 миң сомго чейин, ал эми Бишкек шаарында– 24,0 пайызга, 82,1 миң сомго чейин жогорулаган.

**1.4.3-график. Квартираларга баанын өзгөрүү динамикасы**




*Булагы: Жер ресурстары кызматы, Улуттук банктын эсептөөлөрү*

**1.4.4-график. Жеке турак үйлөргө баанын өзгөрүү динамикасы**




*Булагы: Жер ресурстары кызматы, Улуттук банктын эсептөөлөрү*

2022-жыл ичинде кыймылсыз мүлктү сатып алуу-сатуу боюнча бүтүмдөрдүн саны 2,1 пайызга көбөйүү менен 57 957 түзгөн. Атап айтканда, квартираларды сатып алуу-сатуу боюнча бүтүмдөрдүн саны 2021-жылга салыштырганда 2,0 пайызга, ал эми үйлөр боюнча бүтүмдөрдүн саны 2,3 пайызга көбөйүп, тиешелүүлүгүнө жараша, 34 032 жана 23 925 түзгөн.

Турак жай фонддорун колдонууга берүү көлөмүнүн өсүшү байкалууда. 2022-жылдын жыйынтыгы боюнча турак жай фонддорун колдонууга берүү көлөмүнүн жалпы көрсөткүчүнүн көбөйүшү 2021-жылга салыштырмалуу 0,1 пайызды түзгөн, бул Бишкек жана Ош шаарларын, ошондой эле Нарын областын кошпогондо, бардык региондордо турак жай фонддорун колдонууга берүү көлөмүнүн өсүшү менен шартталган (1.4.1-таблица).

**1.4.5-график. Турак жайды пайдаланууга берүү, курулушка жана ипотекага берилген кредиттер динамикасы[8]**




*Булагы: КР УСК, Улуттук банктын эсептөөлөрү*



[8] Бир мезгил ичиндеги маалыматтар.

### 1.4.1-таблица. Пайдаланууга берилген турак жай аянтынын географиялык түзүмү

| | 2021 | | 2022 | |
|---|---|---|---|---|
| | ***Берилүүчү жалпы аянттар, миң чарчы метр*** | ***Жалпы аянтынан салыштырма салмагы, %*** | ***Берилүүчү жалпы аянттар, миң чарчы метр*** | ***Жалпы аянтынан салыштырма салмагы, %*** |
| Бишкек шаары жана Чүй областы | 407,3 | 36,4 | 360,7 | 32,2 |
| Ош шаары жана Ош областы | 271,0 | 24,2 | 275,2 | 24,6 |
| КРнын башка областтары | 439,9 | 39,3 | 483,2 | 43,2 |
| **Бардыгы болуп** | **1 118,2** | **100,0** | **1 119,1** | **100,0** |

*Булагы: КР УСК*

**2022-жылдын 31-декабрынын акырына карата курулушту каржылоого берилген кредиттердин жана ипотекалык кредиттердин көлөмү 2021-жылга салыштырмалуу өсүшү белгиленген.** Алсак, отчеттук мезгилде курулушка берилген кредиттердин көлөмү 2,5 пайызга, 5,3 млрд сомго чейин, ал эми ипотеканын көлөмү 32,2 пайызга, 10,5 млрд сомго чейин өскөн. Курулуш секторунда жана ипотекалык сектордо улуттук валютада сыяктуу эле, чет өлкө валютасында берилген кредиттердин да көлөмүнүн өсүшү байкалган.

### 1.4.6-график. Курулушка жана ипотекага берилген кредиттердин көлөмү [9]




*Булагы: КБ, Улуттук банк*

2022-жылдын жыйынтыгы боюнча турак үйлөрдү куруу жана колдонууга берүү калктын каражаттарынын эсебинен ишке ашырылган (жалпы колдонууга берилгендердин 98,2 пайызы)[10].

2022-жылдын 31-декабрына карата коммерциялык банктардын жалпы кредит портфелиндеги курулушка жана ипотекага берилген кредиттердин үлүшү 0,1 пайыздык пунктка кыскарып, 18,3 пайызды түзгөн (1.4.7-график).

[9] Бир мезгил ичиндеги маалыматтар.

[10] "Кыргыз Республикасынын социалдык-экономикалык абалы (2022-жылдын январь – декабрь айлары)", КР УСК.

**1.4.7-график. Коммерциялык банктардын кредит портфелинде курулушка жана ипотекага берилген кредиттердин чогуу алгандагы үлүшү[11]**




*Булагы: КБ, Улуттук банк*

Ипотекага жана курулушка берилген классификацияланган кредиттердин чогуу алгандагы көлөмү 40,1 пайызга өсүп, 5 578,2 млн сомду түзгөн. Мында, аталган тармактарда проблемалуу кредиттердин чогуу алгандагы үлүшү 1,7 пайыздык пунктка жогорулап, банк секторунун проблемалуу кредиттеринин жалпы көлөмүнүн 21,4 пайызын түзгөн (1.4.8-график). Ипотекага жана курулушка чет өлкө валютасында берилген, классификацияланган кредиттердин көлөмү 50,8 пайызга өсүп, 3 716,7 млн сомду түзгөн.

**1.4.8-график. Классификацияланган кредиттердин динамикасы**




*Булагы: КБ*

[11] Бир мезгил ичиндеги маалыматтар.

МАЗМУНУ

**1-кыстырма. Турак жай менен камсыз болуу индекси**

2022-жылдын 31-декабрына карата абал боюнча Кыргыз Республикасында турак жай менен камсыз болуу индекси 2021-жылга салыштырганда азайып, 9,6 жылды түзгөн (1-график). Бул орточо айлык номиналдык эмгек акынын өсүш арымынын (27,0 пайыз) кыймылсыз мүлккө баалардын өсүш арымынан (19,5 пайыз) артышы менен шартталган.

**1-график. Минималдуу керектөө бюджетин эске алганда, турак жай (квартира) менен камсыз болуу индекси**




*Булагы: КР УСК, Жер ресурстары кызматы, Улуттук банк*

2022-жылдын жыйынтыгы боюнча Кыргыз Республикасында 54 чарчы метр аянтында квартира сатып алуу үчүн үч адамдан турган үй-бүлөнүн ичинен эки адам киреше тапкан жана ага 21 535,0 сом өлчөмүндө (үй-бүлөнүн жыйынды кирешесинин 41,9 пайызы) минималдуу керектөө бюджети туура келген үй-бүлөнүн орточо айлык номиналдык эмгек акысын (25 711,0 сом) башка бирдей шарттарда 9,6 жыл бою топтоо зарыл.

МАЗМУНУ

### 2-кыстырма. Кыймылсыз мүлк рыногунда баанын өзгөрүшүнүн банк секторуна тийгизген таасирин стресс-тесттен өткөрүү[12]

2022-жылдын 31-декабрына карата абал боюнча банктардын кредит портфелинде күрөөгө коюлган кыймылсыз мүлк менен камсыздалган кредиттердин үлүшүнө кредиттердин жалпы санынын 24,8 пайызы туура келген. Күрөөгө коюлган кыймылсыз мүлктүн (күрөөлүк наркы боюнча) көлөмү кредит портфелинин бүтүндөй күрөөлүк камсыздоосунун 53,3 пайызын түзгөн.

Банк сектору үчүн кредиттик тобокелдиктер күрөөгө коюлган кыймылсыз мүлктүн наркы кредит боюнча төлөө калдыгынан төмөн болушу жана карыз алуучунун кредитти андан ары төлөөдөн баш тартуу ыктымалдыгы менен шартталган.

Стресс-тесттен өткөрүү орду жабылбаган ссудалардан улам келип чыгышы мүмкүн болгон жоготууга саны боюнча баа берүүгө, ошондой эле чабал банктарды (банктык топторду) аныктоого багытталган.

**1-схема. Кыймылсыз мүлк рыногунда баанын өзгөрүүсүнүн банк секторунда кредиттик тобокелдик деңгээлине тийгизген таасирин стресс-тесттен өткөрүү жыйынтыктары**

| Сценарий | Банк секторунун потенциалдуу жоготуулары | Ири банктардын потенциалдуу жоготуулары | Капитал шайкештиги ченемин бузуу тобокелдиги |
|---|---|---|---|
| “Мурдатан калыптанган”* (кыймылсыз мүлккө баанын жыл ичинде 23% төмөндөшү) | ----- | ----- | 1 банк |
| “Альтернативдүү” (кыймылсыз мүлккө баанын 2 жыл ичинде 40% төмөндөшү) | ----- | -2,7 млрд сом | 1 банк |
| “Терс” (кыймылсыз мүлккө баанын жыл ичинде 50% төмөндөшү) | -7,1 млрд сом | -11,6 млрд сом | 1 банк |

** 2008-жылдын жыйынтыгы боюнча Кыргыз Республикасында кыймылсыз мүлк баалары 23 пайызга төмөндөгөн.*

Стресс-тестке кошумча кыймылсыз мүлккө баанын төмөндөшүнүн чектүү деңгээли аныкталган, мында банк секторунун пайдасынын төмөндөшү жана айрым банктарда чыгымдардын келип чыгуу тобокелдиги орун алышы ыктымал. Банк сектору пайда көлөмүнүн төмөндөшү тобокелдигине жана кыймылсыз мүлккө баанын төмөндөшү ыктымалдыгынан айрым банктар 46,0 пайыз, ири банктар – 37,0 пайыз чегинде чыгым тартуу тобокелдигине дуушарланышы ыктымал. Кыймылсыз мүлккө баа, тиешелүүлүгүнө жараша, 69,8 жана 61,2 пайызга төмөндөгөн шартта, банк сектору, анын ичинде ири банктар тарабынан капитал шайкештиги ченемин бузуу тобокелдигин болжолдоого болот.

Стресс-тест боюнча эсептөөлөрдө банктар күрөөгө коюлган кыймылсыз мүлктү баалоо наркындагы айырманы эске алган эмес, ал рыноктук нарктан 20 пайызга чейин төмөн болушу мүмкүн. Ушуну эске алганда, кыймылсыз мүлккө баанын төмөндөшүнүн чектүү мааниси 20 пайызга жогорулашы ыктымал.

МАЗМУНУ

[12] Стресс-тест 2022-жылдын 31-декабрына карата абал боюнча коммерциялык банктардын сурамжылоо маалыматтарынын негизинде өткөрүлгөн.

# II. БАНК СЕКТОРУ

***2022-жылдын жыйынтыгы боюнча экономикалык жигердүүлүктүн төмөндөшүнө карабастан, банк секторунун активдер, капитал, депозиттик база жана кредит портфели сыяктуу негизги көрсөткүчтөрүнүн өсүшү байкалган.***

***Каралып жаткан мезгилде 2021-жылга салыштырганда кредит портфелинин долларлашуу деңгээлинин төмөндөшү жана банк секторунун депозиттик базасынын жалпы көлөмүндө чет өлкө валютасындагы депозиттердин үлүшү көбөйүшү байкалган.***

***Отчеттук мезгилдин жыйынтыгы боюнча банк секторунун системалуу тобокелдиктери катталган жана орточо катары бааланат. Банк секторунун капитал шайкештигинин жогорку деңгээлде болушу финансылык ортомчулук деңгээлин, иш натыйжалуулугун андан ары жогорулатуу жана келечекте банк секторунун туруктуулугун камсыз кылуу потенциалына ээ экендигин тастыктап турат.***

## 2.1. Банк секторун өнүктүрүүнүн негизги тенденциялары

2022-жылдын 31-декабрына карата[13] Кыргыз Республикасынын аймагында 23 коммерциялык банк (Пакистан Улуттук банкынын Бишкектеги филиалын кошо алганда) жана банктардын 318 филиалы иштеп турган, анын ичинде чет өлкө капиталынын катышуусунда 14 банк, анын ичинен 11 банк – 50 пайыздан көбүрөөк өлчөмдөгү чет өлкө капиталынын катышуусунда иш жүргүзгөн. Республиканын бардык банк мекемелери ишинин түрү боюнча универсалдуу болуп саналат.

### *Активдер*

Бүтүндөй алганда, 2022-жылдын жыйынтыгы боюнча Кыргыз Республикасынын банк секторунун активдеринин көлөмүнүн өсүшү белгиленген. Банк секторунун активдери 2021-жылга салыштырганда 33,5 пайызга көбөйүү менен 482,2 млрд сомду түзгөн (2.1.1-график).

**2.1.1-график. Банк секторунун активдеринин динамикасы**




*Булагы: Улуттук банк*

Активдердин өсүшү, негизинен, төмөнкүлөрдүн көбөйүүсүнүн эсебинен камсыз болгон:

- кредит портфелинин 12,2 пайызга же 22,2 млрд сомго;
- баалуу кагаздардын 57,3 пайызга же 19,1 млрд сомго;
- нак акча жана корреспонденттик эсептердеги акча каражаттары түрүндө ликвиддүүлүктүн 68,0 пайызга же 75,7 млрд сомго.

Кредит портфелинин активдер түзүмүндөгү салыштырма салмагы 2021-жылга салыштырганда 8,0 пайыздык пунктка азаюу менен 42,3 пайыз чегинде катталган.

[13] Маалыматтар коммерциялык банктардын мезгил-мезгили менен берилүүчү регулятивдик отчетуна (ПРБО) ылайык келтирилген.



МАЗМУНУ

### *Кредит портфели*

2022-жылы өнөр жай жана курулуш секторлорун кошпогондо, экономиканын бардык тармактарында банктардын кредит портфелинин өсүшү белгиленген.

Отчеттук мезгилдин жыйынтыгы боюнча банк секторунун кредит портфелинин долларлашуу деңгээли 2021-жылга салыштырмалуу 4,4 п.п. азаюу менен 23,5 пайызды түзгөн (2.1.2-график).

**2.1.2-график. Банк секторунун кредит портфелинин динамикасы**




** ФКУга сунушталган кредиттерди жана атайын РППУну эске албаганда*
*Булагы: Улуттук банк*

**2.1.3-график. Кредит портфелинин мөөнөттүүлүк боюнча түзүмү**




** ФКУга сунушталган кредиттерди жана атайын РППУну эске албаганда*
*Булагы: Улуттук банк*

Кредит портфелинин түзүмүндө мөөнөттүүлүгү боюнча негизги үлүш орто мөөнөттүү кредиттерге [14] – 43,0 пайыз же 87,8 млрд сом жана узак мөөнөттүү кредиттерге[15] – 38,7 пайыз же 78,9 млрд сом туура келген (2.1.3-график).

### *Милдеттенмелер*

2022-жылдын жыйынтыгы боюнча Кыргыз Республикасынын банк секторунун милдеттенмелери 2021-жылга салыштырмалуу 29,9 пайызга көбөйүү менен 401,9 млрд сомду түзгөн.

**2.1.4-график. Банктардын милдеттенмелеринин ресурстар булактары боюнча түзүмү**




*Булагы: Улуттук банк*

**2.1.5-график. Банктардын чет өлкө валютасындагы милдеттенмелери**




*Булагы: Улуттук банк*

МАЗМУНУ

[14] Орто мөөнөттүү кредиттер – 1 жылдан 3 жылга чейинки мөөнөткө берилген кредиттер.
[15] Узак мөөнөттүү кредиттер – үч жылдан ашык мөөнөткө берилген кредиттер.

Кароого алынып жаткан мезгилдин жыйынтыгы боюнча жеке адамдардын жана финансылык эмес ишканалардын депозиттери 39,5 пайызга өсүштү көрсөтүп, 339,0 млрд сомду түзгөн (2.1.4-график). Жеке адамдардын жана финансылык эмес ишканалардын депозиттеринин салыштырма салмагы банк милдеттенмелеринде 5,8 пайыздык пунктка өсүп, 84,3 пайызды түзгөн.

Тартылган каражаттардын жалпы көлөмүндө чет өлкө валютасындагы милдеттенмелердин үлүшү 4,4 пайыздык пунктка көбөйүп, 45,6 пайызды түзгөн (2.1.5-график).

### *Финансылык натыйжалар*

2022-жылдын жыйынтыгы боюнча банк секторунун рентабелдүүлүгүнүн көрсөткүчтөрү 2021-жылга салыштырганда жогорулашы белгиленген, бул рентабелдүүлүктүн коммерциялык банктардын активдерине жана капиталдарына караганда арымдуу өсүшү менен шартталган:

- ROA 5,9 пайызды түзгөн;
- ROE 43,4 пайыз деңгээлинде түптөлгөн.

Банк секторунун таза пайдасы 6,5 эсеге көбөйүп, 23,2 млрд сомду түзгөн (2.1.6-график).

**2.1.6-график. Банк секторунун рентабелдүүлүк көрсөткүчтөрү**




*Булагы: Улуттук банк*

### *Капитал шайкештиги*

Капиталдын шайкештик ченеминин минималдуу мааниси 12,0 пайыз деңгээлде белгиленген шартта, аталган көрсөткүч 2021-жылга салыштырганда 3,4 пайыздык пунктка көбөйүү менен 2022-жылдын жыйынтыгы боюнча 25,6 пайыз деңгээлинде түптөлгөн (2.1.7-график).

**2.1.7-график. Капиталдын шайкештик коэффициенттеринин динамикасы**




*Булагы: Улуттук банк*

Ошону менен бирге эле банк секторунун отчеттук жылдын жыйынтыгы боюнча түптөлгөн капиталынын шайкештигинин айкын деңгээли белгиленген ченемден (кеминде 12 пайыз) эки эседен ашыгыраак жогорулаган, бул банк секторунун терс таасирлерге салыштырмалуу туруктуулугун, ошондой эле келечекте банк секторунун финансылык ортомчулук деңгээлин жана ишинин натыйжалуулугун жогорулатуу үчүн белгилүү бир потенциалга ээ экендигин билдирет.



МАЗМУНУ

## 2.2. Банк секторунда орун алган тобокелдиктер

### *2.2.1. Кредиттик тобокелдик*

Кредиттик тобокелдик банк ишинде орун алышы мүмкүн болгон негизги тобокелдиктердин бири болуп саналат.

2022-жылы кредит портфели 12,2 пайызга көбөйүү менен 204,0 млрд сомду түзгөн (2.2.1-график). Банктардын кредит портфелинде классификацияланган кредиттердин үлүшү 2021-жылга салыштырганда 11,1 пайыздан 12,8га чейин өсүшү байкалган (2.2.2-график).

**2.2.1-график. Кредит портфелинин динамикасы[16]**




*Булагы: Улуттук банк*

**2.2.2-график. Кредит портфелинин сапаты**




*Булагы: Улуттук банк*

Коммерциялык банктардын кредит портфелинин сапатын баалоо үчүн кредиттерди классификациялоо системасы колдонулат, ал кредиттердин кайтарылбай калышынан потенциалдуу чыгымдардын мүмкүн болуучу деңгээлин аныктоо жана аларды тиешелүү резерв түзүү аркылуу өз учурунда компенсациялоо мүмкүнчүлүгүн берет (2.2.3-график).

Активдердин кайтарылбай калуу тобокелдигинин көрсөткүчү (атайын РППУнун жана кредит портфелинин катышы) 2021-жылга салыштырганда 1,3 пайыздык пунктка көбөйгөн жана 10,7 пайыз деңгээлинде турат.

Коммерциялык банктар тарабынан түзүлгөн резервдердин чогуу алгандагы көлөмү жалпы кредит портфелинин 19,3 пайызын түзгөн.

Ал эми 2022-жылдагы атайын РППУнун үлүшү резервдердин жалпы көлөмүнүн 80,7 пайызын түзгөн (2.2.4-график).

[16] Дисконтту эске албагандагы кредит портфели



МАЗМУНУ

**2.2.3-график. Кредит портфелинин сапатынын көрсөткүчтөрү**




*Булагы: Улуттук банк*

**2.2.4-график. Жалпы жана атайын камдар**




*Булагы: Улуттук банк*

2022-жылдын акырына карата кредиттик тобокелдиктердин эң жогорку концентрациялanышы, мурдагыдай эле, экономиканын соода тармагында байкалган (2.2.5-график).

**2.2.5-график. Экономиканын тармактары боюнча классификацияланган кредиттердин көлөмү**




*Булагы: Улуттук банк*

### 3-кыстырма. Коммерциялык банктардын статистикалык байкоо жүргүзүүсүнүн жыйынтыктары: кредиттөө

Коммерциялык банктарга жүргүзүлгөн анкета маалыматтарына ылайык, отчеттук мезгилдин жыйынтыгы боюнча берилген кредиттердин басымдуу бөлүгү (карыз алуучулардын кредиттеринин жалпы көлөмүнүн 45,5 пайызы), мурдагыдай эле экономиканын өндүрүш секторуна[17] туура келген, бул кредиттөөнүн ИДӨгө таасирин билдирет, ал эми берилген кредиттердин 17,4 пайызы импортту каржылоого багытталган (1-график).

**1-график. 2022-жылдын 31-декабрына карата кредиттердин тармактык түзүмү**




*Булагы: КБ*

Жергиликтүү банктардын кредит портфелинин 50,2 пайызы – өндүрүш секторуна (ИДӨ) жана 10,3 пайызы импортту каржылоого багытталган. Чет өлкө банктары да көбүнчө, экономиканын өндүрүш секторуна кредит берген (40,2 пайыз), ал эми импортту каржылоого багытталган кредиттердин үлүшү 2022-жыл ичинде кредит портфелинин 25,3 пайызын түзгөн (2-график).

**2-график. 2022-жылдын 31-декабрына карата банктардын топтору боюнча кредиттердин тармактык түзүмү**







*Булагы: КБ*

[17] Өндүрүштүк сектор дегенден улам, товарларды жана кызмат көрсөтүүлөрдү өндүрүүгө байланыштуу банк кардарларынын ишин (курулуш, байланыш жана ТТС кызмат көрсөтүүлөрү, транспорттук кызмат көрсөтүүлөр, кыймылсыз мүлктү ижарага алуу, мейманканалар, тойканалар ж.б.у.с.) түшүнүү зарыл.

МАЗМУНУ

### 4-кыстырма. Коммерциялык банктардын статистикалык байкоо жүргүзүүсүнүн жыйынтыктары: ири кардарлар

*Карыз алуучулардын төлөөгө жөндөмдүүлүгү*

2022-жылдын жыйынтыгы боюнча DTI [18] көрсөткүчү боюнча эсептелинүүчү банктардын 15 ири кардарынын карыз оорчулугунун деңгээли 6,4 пайызды түзгөн, бул 2021-жылдын ушул сыяктуу көрсөткүчүнөн 0,3 пайыздык пунктка көп (1-график).

**1-график. Банктардын 15 ири карыз алуучусу боюнча DTI деңгээли**




*Булагы: КБ, Улуттук банк*

Банктардын топтору боюнча алганда эң көп карыз оорчулугу чакан банктардын ири карыз алуучулары арасында байкалган (карыз алуучулардын негизги кирешесинин 9,8 пайызы) (1-таблица). Ошол эле учурда карыз оорчулугунун эң эле төмөн деңгээли 4,5 пайызды түзүү менен орто банктардын ири карыз алуучуларында белгиленген.

**1-таблица. 2022-жылдын жыйынтыгы боюнча банктардын 15 ири карыз алуучусунун карыз оорчулугу**

| | Банк сектору | Ири банктар | Орто банктар | Чакан банктар |
|---|---|---|---|---|
| Кредиттер боюнча карыз калдыгы, *млрд сом* | 75,5 | 44,9 | 20,8 | 9,9 |
| 15 ири карыз алуучунун кредиттеринин банк секторунун кредит портфелинин жалпы көлөмүндө салыштырма салмагы, *пайыздарда* | 36,7 | 40,9 | 27,7 | 46,2 |
| Кредиттер боюнча карызды тейлөөгө чыгашалардын карыз алуучулардын чогуу алгандагы кирешесине карата катышы, *пайыздарда* | 6,4 | 7,1 | 4,5 | 9,8 |

*Булагы: КБ, Улуттук банк*

2022-жыл үчүн чет өлкө банктарында карыз оорчулугунун деңгээли жергиликтүү банктарга караганда жогору болгон (2-таблица).

[18] DTI (debt-to-income) – карыз алуучунун кредит боюнча төлөө суммасынын (отчеттук мезгил ичинде негизги карыз суммасын жана пайыздык төлөмдөрдү кошо алганда) карыз алуучунун кредит берүү учурунда жарыяланган негизги жылдык кирешесине карата катышы.

**2-таблица. 2022-жылдын жыйынтыгы боюнча жергиликтүү жана чет өлкө банктарындагы карыз оорчулугу**

| | Жергиликтүү банктар | Чет өлкө банктары |
|---|---|---|
| Кредиттер боюнча карыз калдыгы, *млрд сом* | 34,3 | 41,2 |
| 15 ири карыз алуучунун кредиттеринин банк секторунун кредит портфелинин жалпы көлөмүндө салыштырма салмагы, *пайыздарда* | 31,8 | 42,0 |
| Кредиттер боюнча карызды тейлөөгө чыгашалардын карыз алуучулардын чогуу алгандагы кирешесине карата катышы, *пайыздарда* | 5,5 | 7,0 |

*Булагы: КБ, Улуттук банк*

*Карыз алуучулардын кредиттеринин камсыздалышы*

Отчеттук мезгилдин жыйынтыгында банк сектору боюнча LTV[19] айкын деңгээли 67,4 пайызды түзгөн. Күрөөлүк камсыздоонун түптөлгөн деңгээли кредиттик каражаттардын күрөөлүк мүлк менен камсыз болуусунун салыштырмалуу жогору деңгээлин тастыктоодо (2-график). Ошол эле учурда ири банктарда LTV мааниси чакан жана орто банктардагы жана бүтүндөй банк сектору боюнча маанилерге караганда төмөн (3-график).

**2-график. 2022-жылдын 31-декабрына карата коммерциялык банктын бардык карыз алуучулары жана 15 ири карыз алуучусу боюнча LTV деңгээли**




*Булагы: КБ, Улуттук банк*

**3-график. 2022-жылдын 31-декабрына карата банктык топтор боюнча бардык карыз алуучулар жана 15 ири карыз алуучу боюнча LTV деңгээли**




*Булагы: КБ, Улуттук банк*



[19] LTV (loan-to-value ratio) – берилген кредиттердин көлөмүнүн күрөөлүк камсыздоонун наркына карата катышы.

### *2.2.2. Ликвиддүүлүк тобокелдиги*

2022-жылдын жыйынтыгы боюнча күндөлүк ликвиддүүлүк коэффициенти 71,3 пайыздан (2021-жыл жыйынтыгы боюнча) 82,8 пайызга чейин жогорулагандыгы белгиленген (2.2.11-график). Акча массасы көрсөткүчүнүн өсүшү (М2) экономикада улуттук валютадагы нак акча каражаттардын жана мөөнөттүү депозиттердин өсүшү менен шартталган (2.2.12-график).

**2.2.6-график. Банк секторунун ликвиддүүлүк көрсөткүчтөрү**




*Булагы: Улуттук банк*

**2.2.7-график. Акча массасынын (М2) жана акча базасынын өсүш арымдары**




*Булагы: Улуттук банк*

Банк секторунун ликвиддүүлүк коэффициентинин өсүшү ликвиддүү активдердин өсүш арымынын күндөлүк милдеттенмелердин өсүш арымынан артышы менен шартталган.

Активдер жана милдеттенмелер ортосунда төлөө мөөнөттөрү боюнча ажырым байкалган. Терс ажырым төлөө мөөнөтү “1 айга чейин”, “3 айдан 6 айга чейин” жана “6 айдан 12 айга чейинки” активдер жана милдеттенмелер ортосунда байкалган. Ал эми оң ажырым төлөө мөөнөтү “1 айдан 3 айга чейин” жана “12 айдан жогору” активдер жана милдеттенмелер ортосунда белгиленген (2.2.1-таблица).

**2.2.1-таблица. Финансылык активдерди жана милдеттенмелерди төлөө мөөнөтү**
*2022-жылдын 31-декабрына карата абал боюнча, млн сом*

| Аталышы | Төлөө мөөнөтү | | | | | Бардыгы болуп |
|---|---|---|---|---|---|---|
| | 1 айга чейин | 1-3 ай | 3-6 ай | 6-12 ай | 12 айдан ашык | |
| Бардыгы болуп финансылык активдер, | 246 707 | 21 766 | 17 837 | 30 785 | 190 918 | 508 014 |
| анын ичинде кардарларга кредиттер жана финансылык ижара | 9 586 | 8 279 | 12 295 | 28 398 | 145 038 | 203 596 |
| Бардыгы болуп финансылык милдеттенмелер, | 273 540 | 15 043 | 24 853 | 38 574 | 45 876 | 397 886 |
| анын ичинде жеке адамдардын депозиттери жана юридикалык жактардын мөөнөттүү депозиттери | 105 298 | 11 509 | 20 381 | 29 063 | 21 401 | 187 651 |
| Ажырым, | -26 833 | 6 723 | -7 015 | -7 788 | 145 042 | 110 128 |
| анын ичинде кредиттер жана депозиттер боюнча | -95 712 | -3 230 | -8 085 | -665 | 123 637 | 15 945 |

### *2.2.3. Концентрациялануу тобокелдиги*

#### *Каржылоонун ири булактарынын концентрацияланышы*

Кайтарым стресс-тестирлөөнүн жыйынтыгы боюнча айрым банктар бирден бешке чейин ири кардарлардын агылып чыгуусуна байланыштуу таасирлерге туруштук бере алган эмес, мындай учурда ликвиддүүлүк ченеми 45 пайыздык чектен төмөн калыптанат.

#### *Кредиттердин концентрацияланышы*

Айрым банктарда бирден төрткө чейин ири карыз алуучулардын потенциалдуу дефолтко учурашы жөнгө салуучу капиталды Улуттук банктын экономикалык ченеминен төмөн деңгээлге чейин азайтышы мүмкүн.

**2.2.8-график. Кредит портфелинин тармактык концентрациялануусу**




*Булагы: КБ, Улуттук банк*

Жалпы кредиттөө деңгээлинин жогорулоосунун алкагында кредит портфелинин тармактык түзүмүндө соодага жана айыл чарбасына берилген кредиттердин концентрациялануу деңгээли төмөндөгөндүгү байкалган. 2022-жыл жыйынтыгы боюнча соодага берилген кредиттердин үлүшү 0,7 пайыздык пунктка, ал эми айыл чарбасы боюнча – 0,2 пайыздык пунктка кыскарган (2.2.13-график).

МАЗМУНУ

### 2.2.4. Валюта тобокелдиги

2022-жылдын жыйынтыгы боюнча банк секторунун валюта тобокелдигинин орточо жылдык деңгээли орточо мааниде катталган. 2022-жылы улуттук валютанын АКШ долларына карата курсу туруктуу болгон (2.2.9-график).

**2.2.9-график. USD/KGS номиналдуу алмашуу курсунун динамикасы**




*Булагы: Улуттук банк*

Бүтүндөй алганда банктар активдердин жана милдеттенмелердин ачык валюталык позицияларын Улуттук банктын экономикалык ченемдеринде белгиленген лимиттердин чегинде сактап турган.

Банк секторунун валюталык позициясын кайра баалоодон улам орун алышы ыктымал болгон тобокелдик 2022-жылы минималдуу деңгээлде катталган (VaR: таза суммардык капиталдын 0,1-1,4 пайызы, (2.2.10-график), б.а. банктар чет өлкө валютасы менен иштөөдө консервативдүү саясатка таянуу менен, валюта тобокелдигине азыраак дуушар болушкан.

Кароого алынган мезгил ичинде орточо алганда 11 банкта АКШ долларында узун валюта позициясы жана 8 банкта кыска валюта позициясы белгиленген (2.2.11-график).

**2.2.10-график. Ачык валюталык позициянын жана кайра баалоо тобокелдигинин (VaR) динамикасы**
*ТСКдан пайыздарда*




*Булагы: Улуттук банк*

**2.2.11-график. Банктардын валюталык позициясы**




*Булагы: Улуттук банк*

МАЗМУНУ

**5-кыстырма. Кредиттик жана валюта тобокелдиктери**

2022-жылдын 31-декабрына карата абал боюнча кредит портфелинин жалпы көлөмүнүн 14,1 пайызын карыз алуучулар ал боюнча кирешени улуттук валютада топтогон, ал эми чет өлкө валютасында төлөгөн кредиттер түзгөн (1-график). Кредит портфелинин бул көлөмү кредиттик жана валюта тобокелдиктерине потенциалдуу дуушар болгон.

Валюта тобокелдигинин кредиттик тобокелдикке таасири 2-графикте көрсөтүлгөн, анда кредиттердин топтору боюнча классификацияланган кредиттердин үлүшү чагылдырылган:

- 1-топ – 33,8 пайыз, мында карыз алуучунун негизги кирешелери улуттук валютада топтолот, ал эми кредиттер чет өлкө валютасында төлөнөт;
- 2-топ – 9,0 пайыз, мында негизги кирешелер жана карыз алуучу тарабынан төлөнүүгө тийиш болгон кредиттер бирдей валютада топтолот;
- 3-топ – 26,6 пайыз, мында карыз алуучунун негизги кирешелери чет өлкө валютасында топтолот, ал эми кредиттер улуттук валютада төлөнөт.

**1-график. Кредиттердин топтору боюнча кредит портфели** [20]




**2-график. Кредиттердин топтору боюнча классификацияланган кредиттердин үлүшү**[21]




*Булагы: Коммерциялык банктар, кредит портфелинин көлөмү овердрафт боюнча кредиттерди эске алуусуз көрсөтүлгөн.*

МАЗМУНУ

[20] Бул графикте кредиттер топторго бөлүштүрүү менен келтирилген. Мисалы, 2022-жылдын 31-декабрына карата 1-топ боюнча кредиттердин көлөмү 28,2 млрд сомду же кредит портфелинин жалпы көлөмүнүн 14,1 пайызын түзгөн.

[21] Бул графикте кредиттердин ар бир тобу боюнча кредит портфелиндеги классификацияланган кредиттердин үлүшү чагылдырылган. Мисалы, 2022-жылдын 31-декабрына карата 1-топ боюнча классификацияланган кредиттердин көлөмү 9,5 млрд сомду же 1-топ боюнча кредит портфелинин көлөмүнүн (28,2 млрд сом) 33,8 пайызын түзгөн.

### *2.2.5. Пайыздык тобокелдик*

*Отчеттук мезгилдин жыйынтыгы боюнча пайыздык тобокелдик деңгээли төмөндөгөн, бул тобокелдиги боюнча бааланган активдердин таза суммардык капиталдан кыйла жогору арымда өсүшү менен шартталган.*

Пайыздык тобокелдиктин орточо өлчөмү 2010-2022-жылдар аралыгында жол берилген чекте (таза суммардык капиталдан 2,4-4,0 пайыз) калыптанган (2.2.17-график).

**2.2.12-график. Пайыздык тобокелдиктин динамикасы (VaR)**
*ТСКдан пайыздарда*




*Булагы: Улуттук банк*

МАЗМУНУ

### *2.2.6. “Дуушарлануу” тобокелдиги*

Кыргыз Республикасынын банктар аралык кредиттик рыногунда орун алышы ыктымал болгон “дуушарлануу” тобокелдигинин таасирине баа берүү мындай талдап-иликтөөнүн максаты болуп саналат, ал банктардын биринде ликвиддүүлүк боюнча көйгөйлөр келип чыккан шартта бири-бирине таасирин тийгизиши мүмкүн.

**2.2.13-график. 2022-жыл ичинде банктар-резиденттер ортосунда келишилген банктар аралык кредиттик бүтүмдөрдүн көлөмүн күрөөлүк камсыздоого жараша бөлүштүрүү**




*Булагы: Улуттук банк*

2022-жылдын жыйынтыгы боюнча банктар аралык кредиттик бүтүмдөрдүн көлөмү 14,9 млрд сомду түзгөн[22].

Кыргыз Республикасынын банк секторунда банктар аралык рыноктогу кредиттердин орду, негизинен, жогору ликвиддүү мамлекеттик баалуу кагаздар түрүндөгү күрөөлүк камсыздоо менен жабылат (2.2.13-график).

Жалпысынан, өлкөнүн банктар аралык кредит рыногунда “дуушарлануу” тобокелдигинин келип чыгуу ыктымалдыгы минималдуу, бул жогору ликвиддүү күрөөлүк камсыздоонун болушу менен шартталган.

МАЗМУНУ

[22] Мында, 2022-жыл ичинде банктар-резиденттер ортосунда келишилген бүтүмдөрдүн жалпы көлөмүн түшүнүү зарыл.

### 2.2.7. Өлкөлүк тобокелдик

Коммерциялык банктардын маалыматына ылайык, резидент эместерде жайгаштырылган активдердин суммардык көлөмү 2022-жылдын 31-декабрына карата 99,0 млрд сомду же банк секторунун активдеринин жалпы көлөмүнүн 19,3 пайызын түзгөн. Жайгаштыруулардын олуттуу концентрацияланышы Экономикалык кызматташуу жана өнүктүрүү уюмуна кирген өлкөлөрдө байкалган – Кыргыз Республикасынын банк секторунун активдеринин жалпы көлөмүнүн 15,0 пайызы (77,0 млрд сом).

**2.2.14-график. Активдердин географиялык түзүмү**




*Булагы: Улуттук банк*

Чет өлкөдө жайгаштырылган активдердин негизги үлүшү 97,0 млрд сом өлчөмүндө корреспонденттик жана депозиттик эсептерге же резидент эместерде жайгаштырылган активдердин жалпы көлөмүнүн 98,0 пайызына туура келген (2.2.14-график).

2022-жылдын жыйынтыгы боюнча Кыргыз Республикасынын банктарынын резидент эместер алдында милдеттенмелери 54,1 млрд сомду же банк секторунун милдеттенмелеринин жалпы көлөмүнүн 13,6 пайызын түзгөн. Ресурстардын олуттуу үлүшү резидент эмес банктар тарабынан кредиттер жана депозиттер түрүндө 39,2 млрд сом же резидент эместер алдында милдеттенмелердин жалпы көлөмүнүн 91,3 пайызы өлчөмүндө тартылган. Экономикалык кызматташуу жана өнүктүрүү уюмуна кирген өлкөлөргө резидент эместердин алдында милдеттенмелердин көлөмүнүн 4,0 пайызы, Казакстанга жана Россияга, тиешелүүлүгүнө жараша, 1,3 жана 6,8 пайызы туура келген (2.2.15-график).

**2.2.15-график. Милдеттенмелердин географиялык түзүмү**




*Булагы: Улуттук банк*

**2.2.16-график. Өлкөлүк белгиси боюнча уставдык капитал**




*Булагы: Улуттук банк*

2022-жылдын жыйынтыгы боюнча чет өлкө капиталы 10,8 млрд сомду же банк секторунун уставдык капиталынын жалпы көлөмүнүн 24,5 пайызын түзгөн. Чет өлкө капиталынын өлкөлүк белгиси боюнча түзүмү (2.2.16-график) төмөнкүлөргө таандык:

- Экономикалык кызматташуу жана өнүктүрүү уюмуна кирген өлкөлөрдүн резиденттерине – 17,7 пайыз,
- Казакстандын резиденттерине – 2,5 пайыз,
- башка өлкөлөрдүн резиденттерине – 2,2 пайыз.

МАЗМУНУ

## 2.3. Банк секторун "кайтарым" стресс-тесттен өткөрүү

### *2.3.1. Кредиттик тобокелдикти "кайтарым" стресс-тесттен өткөрүү* [23]

Кредиттик тобокелдикти "кайтарым" стресс-тесттен өткөрүү аркылуу кредит портфелинде "классификацияланбаган" кредиттердин[24] жол берилген максималдуу үлүшү эсептелген, ал "классификацияланган" категориясына өтүүдө капиталдын жетиштүүлүк коэффициентин (КЖК) 12 пайыз чектүү деңгээлге чейин төмөндөтүшү мүмкүн.

Бул ыкма "классификацияланбаган" кредиттердин "классификацияланган" кредиттер[25] категориясына өтүшүнө байланыштуу банктардын РППУ боюнча кошумча чегерүүлөрүнүн ордун жаба алган буфердик капиталдын запасын (таза суммардык капитал) аныктоого мүмкүндүк берет.

Мындан тышкары, бул ыкма капитал шайкештиги (К2.1) 12 пайыз чектүү деңгээлге чейин төмөндөй турган классификацияланган кредиттердин максималдуу өсүш арымын эсептөөгө өбөлгө түзөт.

Банк секторун 2022-жылдын 31-декабрына карата абал боюнча "кайтарым" стресс-тесттен өткөрүүнүн натыйжасында банк сектору боюнча "классификацияланган" категориясына өткөн "классификацияланбаган" кредиттердин максималдуу жол берилген үлүшү орточо 100,0 пайызды түзгөн (2.3.1-график).

Ошентип, банк сектору кредит портфелинин сапатынын олуттуу начарлоосуна туруштук бере алат, анын ордун жабуу үчүн таза суммардык капиталдын 52,2 пайызы өлчөмүндө кошумча РППУ түзүү талап кылынышы мүмкүн (2.3.2-график).

**2.3.1-график. "Иштеп жаткан"[26] кредиттердин "классификацияланган" кредиттерге өтүүчү максималдуу жол берилген үлүшү[27]**
*классификацияланбаган кредиттерден пайыздарда*




*Булагы: Улуттук банк*

**2.3.2-график. Кошумча РППУ, мында аларды түзүүдө КЖК 12 пайыз деңгээлге чейин төмөндөшү мүмкүн**
*ТСКдан пайыздарда*




*Булагы: Улуттук банк*

[23] Проблемалуу банктарды эске албаганда.
[24] Тобокелдиксиз болуп саналган, "нормалдуу" категориясындагы кредиттерди эске албаганда.
[25] Мында, "иштеп жаткан" кредиттердин "классификацияланган" категориясына өтүшү үч категория ("субстандарттуу", "шектүү" жана "жоготуулар") боюнча бирдей жүрөт.
[26] Тобокелдиксиз болуп саналган, "нормалдуу" категориясындагы кредиттерди эске албаганда.
[27] Мында КЖК 12 пайыз деңгээлине чейин төмөндөйт.



МАЗМУНУ

### *2.3.2. Ликвиддүүлүк тобокелдигин “кайтарым” стресс-тесттен өткөрүү*

Банк секторунун ликвиддүүлүк тобокелдигине баа берүү үчүн Улуттук банктын күндөлүк ликвиддүүлүк боюнча экономикалык ченемин бузбай туруп, кардарлардын депозиттик базасынын жалпы көлөмүнөн депозиттердин массалык агылып чыгуусунун ордун жабууга жөндөмдүү ликвиддүү активдердин запасы эсептелген.

**Таасир** – бул жеке адамдардын жана финансылык эмес ишканалардын депозиттеринин агылып чыгуусунун максималдуу көлөмү, ал ликвиддүүлүк ченемин 45 пайыз чектүү деңгээлге чейин төмөндөтүшү мүмкүн.

“Кайтарым” стресс-тесттен өткөрүү натыйжалары (2.3.3-график), 2022-жылдын акырына карата абал боюнча банк секторунун ликвиддүү активдеринин айкын көлөмү депозиттер агымынын кардарлардын депозиттик базасынын жалпы көлөмүнүн орточо алганда 60,6 пайызынын ордун жабууга жөндөмдүү экендигин көрсөткөн (2.3.1-таблица).

**2.3.3-график. Депозиттердин агылып чыгуу өлчөмү, мында К3.1 45 пайызга чейин төмөндөйт**

*кардарлардын депозиттеринин жалпы көлөмүнөн пайыздарда*




*Булагы: Улуттук банк*

### *2.3.3. Рыноктук тобокелдиктерди “кайтарым” стресс-тесттен өткөрүү*

Рыноктук тобокелдиктерди “кайтарым” стресс-тесттен өткөрүү жыйынтыгы банк сектору 2022-жылдын акырына карата пайыздык жана валюта тобокелдиктерине бир аз эле дуушарланышын көрсөткөн.

#### *Пайыздык тобокелдик*

**1-сценарий** – кредиттер боюнча орточо салмактанып алынган пайыздык чендин төмөндөшү, мында капиталдын шайкештик деңгээли чектүү деңгээлге чейин (12 пайыз) төмөндөйт.

“Кайтарым” стресс-тесттен өткөрүү натыйжалары банк секторунун тике пайыздык тобокелдикке карата бир аз ийкемдүү экендигин көрсөтүп турат. Кредиттер боюнча пайыздык чендердин орточо деңгээлинин 23,1 пайыздык пунктка азайышы капиталдын шайкештик деңгээлин 12 пайызга чейин төмөндөтүшү мүмкүн (2.3.1-таблица).

Жалпысынан алганда, “кайтарым” стресс-тесттен өткөрүү натыйжалары боюнча банк сектору пайыздык тобокелдиктин төмөн деңгээлине ээ.

#### *Валюта тобокелдиги (кайра баа берүү тобокелдиги)*

Банк секторунун валюта тобокелдигине баа берүү үчүн сомдун АКШ долларына карата алмашуу курсунун максималдуу өсүш арымы эсептелген, ал капитал шайкештигине жана таза пайдага да таасирин тийгизет.

**1-сценарий** – сомдун АКШ долларына карата алмашуу курсунун максималдуу өсүш арымы, мында капиталдын шайкештик (К2.1) деңгээли чектүү деңгээлге чейин (12 пайыз) төмөндөйт.

“Кайтарым” стресс-тесттен өткөрүүнү эсептөөлөр, банк секторунда активдерге жана милдеттенмелерге кайра баа берүү тобокелдигинин төмөн экендигин көрсөтүү менен валюталык тобокелдикке карата төмөн деңгээлдеги ийкемдүүлүккө ээ экендигин тастыктайт (2.3.1-таблица).

**2-сценарий** – сомдун АКШ долларына карата алмашуу курсунун максималдуу өсүш арымы, мында коммерциялык банктардын таза пайдасы нөлдүк деңгээлге чейин төмөндөйт.

Стресс-тестирлөөнүн натыйжалары коммерциялык банктар валюталык тобокелдиктин таасирине туруштук бере ала тургандыгын көрсөтүп турат (2.3.1-таблица).

**2.3.1-таблица. 2022-жылдын 31-декабрына карата абал боюнча “кайтарым” стресс-тесттен өткөрүүнүн жалпы жыйынтыктары**

| | | Банк сектору |
|---|---|---|
| **Кредиттик тобокелдик** | | |
| 1-сценарий | "Классификацияланган" категорияга өткөн классификацияланбаган кредиттердин үлүшү, *пайыздарда* | 100,0 |
| **Пайыздык тобокелдик** | | |
| 1-сценарий | Кредиттер боюнча орточо салмактанып алынган пайыздык чендердин төмөндөшү, мында капиталдын жетиштүүлүк коэффициенти 12% чейин төмөндөйт, *пайыздык пунктарда* | 23,1 |
| **Валюта тобокелдиги** | | |
| 1-сценарий | USD/ KGS курсунун өсүш арымы (±), мында капиталдын жетиштүүлүк коэффициенти 12% чейин төмөндөйт, *пайыздарда* | валюта курсунун 100 пайызга өзгөрүшү |
| 2-сценарий | USD/ KGS курсунун өсүш арымы (±), мында таза пайда нөлдүк деңгээлге чейин төмөндөйт, *пайыздарда* | |
| **Ликвиддүүлүк тобокелдиги** | | |
| 1-сценарий | Депозиттердин жана кредиттердин жалпы көлөмүнөн кардарлардын депозиттеринин жана алынган кредиттердин үлүшүнүн агылып чыгуусу, мында күндөлүк ликвиддүүлүк коэффициенти 45 пайызга чейин төмөндөйт, *пайыздарда* | 60,6 |

# III. БАНК ЭМЕС ФИНАНСЫ-КРЕДИТ УЮМДАРЫ

***Жалпысынан, банк эмес финансы-кредит уюмдары (БФКУ) системасынын абалы туруктуу катары бааланат. Активдер, кредит портфели, ресурстук база сыяктуу негизги көрсөткүчтөрдүн көбөйүүсү белгиленген. Стресс-тесттердин натыйжалары БФКУ секторунун кредиттик тобокелдиги орточо болуп саналарын көрсөткөн.***

***Микрофинансылык уюмдардын жана кредиттик союздардын кредиттери боюнча орточо салмактанып алынган пайыздык чендер 2021-жылга салыштырганда жогорулаган.***

## 3.1. Негизги тенденциялар

2022-жылдын 31-декабрына карата абал боюнча Кыргыз Республикасында Улуттук банктан лицензия алышкан жана иши ал тарабынан жөнгө салынууга тийиш болгон банк эмес финансы-кредит уюмдары (БФКУ) системасы төмөнкүлөрдү камтыган: адистештирилген финансы-кредит мекемеси – “Кредиттик союздардын каржы компаниясы” ААК (КСКК), “Кепилдик фонд” ААК, 84 кредиттик союз, 130 микрофинансылык уюм (анын ичинде 9 микрофинансылык компания, 87 микрокредиттик компания жана 34 микрокредиттик агенттик) 467 алмашуу бюросу.

### *Ресурстар*

**3.1.1-график. БФКУ милдеттенмелеринин жана капиталынын динамикасы**




*Булагы: Улуттук банк*

2022-жылдын жыйынтыгы боюнча БФКУнун милдеттенмелери 2021-жылга салыштырганда 13,8 пайызга көбөйгөн жана 16,5 млрд сом өлчөмүндө түптөлгөн. БФКУнун капиталы 11,0 пайызга көбөйүп, 20,4 млрд сомду түзгөн (3.1.1-график).

### *Активдер*

Мезгил-мезгили менен берилүүчү регулятивдик отчеттун маалыматтары боюнча, БФКУнун чогуу алгандагы активдери 2022-жылдын жыйынтыгы боюнча 12,3 пайызга көбөйүп, 36,9 млрд сомду[28] түзгөн. Бул жогорулоо БФКУнун кредит портфелинин көбөйүүсүнүн эсебинен камсыздалган (3.1.2-график).

**3.1.2-график. БФКУ активдеринин жана кредиттеринин динамикасы**




*Булагы: Улуттук банк, БФКУ*

БФКУ ишинин негизги багыты болуп кредиттөө калууда. 2022-жылдын 31-декабрына карата абал боюнча БФКУнун кредит портфелинин көлөмү 8,1 пайызга көбөйүп, 30,3 млрд сом өлчөмүндө түптөлгөн.

Байкоого алынып жаткан мезгилдин акырына карата карыз алуучулардын саны 2021-жылга салыштырганда 6,5 пайызга көбөйгөн жана 455 143 адамды түзгөн.

Кароого алынып жаткан мезгил ичинде БФКУга сунушталган кредиттердин түзүмүндө ордун жабуу мөөнөттөрү боюнча узак мөөнөттүү кредиттердин үлүшүнүн азайышы жана кыска жана орто мөөнөттүү кредиттик ресурстардын үлүшүнүн көбөйүшү байкалган (3.1.3-график).

**3.1.3-график. БФКУга берилген кредиттердин ордун жабуу мөөнөттөрү боюнча түзүмү** [29]




*Булагы: Улуттук банк, БФКУ*

БФКУнун кредит портфелинин басымдуу бөлүгү (чогуу алгандагы кредит портфелинен 76,1 пайызы) топтолгон негизги региондордон болуп, Бишкек шаары, Чүй, Ош жана Жалал-Абад областтары калууда, бул республиканын аталган региондорунда ишкердик жигердүүлүгүнүн жогору болушуна байланыштуу болгон.

[28] АФКУну эсепке албаганда.
[29] Бир мезгил ичиндеги маалыматтар.

МАЗМУНУ

### *Кирешелүүлүк*[30]

2022-жылдын жыйынтыгы боюнча БФКУнун таза пайдасы 2021-жылга салыштырганда 4,3 пайызга көбөйүп, 2,9 млрд сомду түзгөн. 2022-жылы ROA кирешелүүлүк көрсөткүчү 0,8 пайыздык пунктка кыскарып, 8,2 пайызды түзгөн, ал эми ROE көрсөткүчү 1,2 пайыздык пунктка азайып, 14,7 пайызды түзгөн (3.1.4- график).

**3.1.4-график. БФКУнун кирешелүүлүк көрсөткүчтөрүнүн динамикасы**[31]




*Булагы: Улуттук банк, БФКУ*

МАЗМУНУ

[30] ROA жана ROE индикаторлору жылдык маниде берилген.
[31] АФКУну эсепке албаганда.

## 3.2. Банк эмес финансы-кредит уюмдарынын тобокелдиктери

БФКУ ишиндеги тобокелдиктердин негизги факторлорунан болуп кредит портфелинин сапаты, тармактык жана институционалдык концентрация, ошондой эле БФКУ секторунун тышкы карызынын абалы саналат.

### *БФКУнун кредит портфелинин сапаты*

Отчеттук мезгилдин акырына карата абал боюнча БФКУнун кредит портфелинде классификацияланган кредиттердин үлүшү 1,5 пайыздык пунктка кыскарып, 4,4 пайызды түзгөн, мында алардын номиналдык көлөмү 2021-жылга салыштырганда 317,6 млн сомго же 19,2 пайызга көбөйүшү байкалган (3.2.1- график).

2022-жылдын жыйынтыгы боюнча БФКУнун классификацияланган кредиттеринин түзүмүндө 2021-жылдын ушул эле мезгилине салыштырганда керектөө максаттарына (6,1 пайыздык пунктка) жана соодага (1,5 пайыздык пунктка) берилген тейленбеген кредиттердин үлүшүнүн көбөйүшү жана айыл чарбага (2,9 пайыздык пунктка) берилген тейленбеген кредиттердин үлүшүнүн азайышы белгиленген. БФКУнун классификацияланган кредиттеринин жалпы көлөмүндө айыл чарбага жана соодага берилген тейленбеген керектөө кредиттеринин үлүшү, тиешелүүлүгүнө жараша, 39,1, 18,5 пайызды жана 22,8 пайызды түзгөн (3.2.2-график).

**3.2.1-график. БФКУнун кредит портфелинин сапаты**




*Булагы: Улуттук банк*

**3.2.2-график. БФКУнун экономиканын тармактары боюнча классификацияланган кредиттеринин түзүмү**




*Булагы: Улуттук банк*

### *Тармактык концентрация*

БФКУнун кредит портфели керектөө кредиттеринен (БФКУнун кредиттеринин жалпы көлөмүнүн 41,1 пайызы), ошондой эле айыл чарбага жана соодага берилген кредиттерден (кредит портфелинин жалпы көлөмүнүн, тиешелүүлүгүнө жараша, 21,7 жана 12,0 пайызы, 3.2.3-график) турат. Айыл чарбаны кредиттөө жаратылыш-климат шарттарына олуттуу көз карандылыгы менен коштолгон.

### *Институционалдык концентрация*

Кароого алынып жаткан мезгилдин жыйынтыгы боюнча үч ири БФКУнун активдеринин үлүшү 2021-жылга салыштырганда 31,1 пайыздык пунктка көбөйгөн жана БФКУ секторунун активдеринин жалпы көлөмүнүн 59,2 пайызын түзгөн (3.2.4-график).

МАЗМУНУ

### 3.2.3-график. БФКУнун кредит портфелинин тармактык түзүмү




*Булагы: Улуттук банк, БФКУ*

### 3.2.4-график. БФКУнун активдеринин институционалдык түзүмү




*Булагы: Улуттук банк, БФКУ*

МАЗМУНУ

**6-кыстырма. Концентрациялануу индекстеринин негизинде БФКУ секторунун ишине баа берүү [32]**

***Херфиндаль-Хиршман индекси***

БФКУ секторундагы концентрациялануу тобокелдигин талдоо максатында, Херфиндаль-Хиршман индекси эсептелинген[33]. 2022-жылдын акырына карата абал боюнча БФКУ сектору үчүн индекстин мааниси 1 535,9 пунктту түзгөн. Эмпирикалык эрежеге ылайык[34] алынган маани БФКУнун активдеринин орточо концентрациялануусун көрсөтүп турат.

**1-график. Джини индексинин жана 6 ири БФКУнун активдеринин динамикасы**




*Булагы: Улуттук банк, БФКУ*

***Джини индекси***

Джини индекси БФКУнун активдеринин бирдей бөлүштүрүлүшүн баалоо максатында эсептелип чыгарылган. 2022-жылдын акырына карата абал боюнча индекстин мааниси концентрациялануу деңгээлинин бир эле учурда төмөндөшүнөн улам 0,38 түзгөн (1-график).

[32] Концентрациялануу индекстери 6 ири БФКУнун маалыматтарынын негизинде эсептелинген.
[33] $H = \sum_{i=1}^{n}(\text{үлүшү}i)^2$.
[34] Рыноктун концентрациялануу деңгээлин аныктоонун төмөнкүдөй эмпирикалык эрежеси колдонулган:
- индекс 0,1ден (же 1,000) төмөн мааниге ээ – рыноктун бир аз концентрациялануусу;
- индекс 0,1ден 0,18ге чейинки (же 1,000ден 1,800гө чейинки) мааниге ээ – рыноктун орточо концентрациялануусу;
- индекс 0,18ден (же 1,800) жогору мааниге ээ – рыноктун жогорку концентрациялануусу.

### *БФКУнун тышкы карызынын абалы*

Отчеттук мезгилдин акырына карата абал боюнча БФКУнун тышкы карызынын көлөмү 79,9 млн АКШ долларын түзгөн. БФКУнун тышкы карызынын басымдуу бөлүгү чет өлкөлүк финансы-кредит уюмдары тарабынан сунушталган кредиттерден (БФКУнун тышкы карызынын жалпы көлөмүнүн 90,8 пайызы), ал эми калган бөлүгү (9,2 пайыз) эл аралык финансы институттарынын кредиттеринен турат.

2022-жылдын жыйынтыгы боюнча ири БФКУнун тышкы карызы 2021-жылга салыштырганда 4,9 пайызга азайган жана 78,2 млн АКШ долларын түзгөн.

## 3.3. БФКУ секторун стресс-тесттен өткөрүү

### *БФКУнун кредиттик тобокелдигин стресс-тесттен өткөрүү*

Кредит портфелининин сапатынын начарлашынын БФКУ секторуна тийгизген таасирин баалоо үчүн стресс-тест өткөрүлгөн.

Стресс-тест өткөрүүнүн алкагында төмөнкүдөй үч сценарий каралган:

- 1-сценарий: кредиттердин 50 пайызынын бир категориядан экинчиге өтүүсү;
- 2-сценарий: кредиттердин 75 пайызынын бир категориядан экинчиге өтүүсү;
- 3-сценарий: кредиттердин 100 пайызынын бир категориядан экинчиге өтүүсү.

Мында, кредиттердин бир категориядан экинчиге өтүүсү "стандарттуу", "байкоого алынган", "субстандарттуу", "шектүү" жана "жоготуулар" сыяктуу категориялар боюнча бирдей жүрөт.

Бул стресс-тестирлөөнү жүргүзүүдө БФКУнун кредит портфелинде РППУ[35] көлөмү 153,6 пайыздан 279,7 пайызга чейин тандалып алынган сценарийге жараша көбөйгөн (3.3.1-график).

**3.3.1-график. 2022-жылдын 31-декабрына карата абал боюнча кредиттик тобокелдикти стресс-тестирлөө жыйынтыктары**




*Булагы: Улуттук банк*

Кредит портфелинин сапатынын начарлашы БФКУнун өздүк капиталынын жана таза пайдасынын акырындык менен азайышына алып келе тургандыгын белгилей кетүү зарыл. Эки сценарий ишке ашырылган учурда БФКУ сектору, тиешелүүлүгүнө жараша, 243,7 жана 1 143,3 млн сом өлчөмүндө чыгым тартат (3.3.1-график).

[35] МФУ активдин суммасынан пайыздык катышта көрсөтүлгөн чегерүүлөрдүн төмөнкүдөй өлчөмдөрүн жүзөгө ашыруу менен классификациянын тиешелүү категориялары үчүн жалпы жана атайын РППУ түзүшөт:
- стандарттуу, пайыздарда – 0дөн 5ке чейин;
- байкоо алдындагы активдер, пайыздарда – 10;
- субстандарттуу, пайыздарда – 25;
- шектүүлөр, пайыздарда – 50;
- жоготуулар, пайыздарда – 100.

### 3.3.1-таблица. Кредиттик тобокелдикти стресс-тесттен өткөрүү жыйынтыктары, *пайыздар*

| | **БФКУнун кредит портфелинде классификацияланган кредиттердин үлүшү** |
|---|---|
| 1-сценарий: кредиттердин 50% бир категориядан экинчи категорияга өтүшү | 17,1 |
| 2-сценарий: кредиттердин 75% бир категориядан экинчи категорияга өтүшү | 23,4 |
| 3-сценарий: кредиттердин 100% бир категориядан экинчи категорияга өтүшү | 29,7 |

*Булагы: Улуттук банк*

Биринчи сценарийди ишке ашыруунун жыйынтыгында БФКУнун кредит портфелиндеги проблемалуу кредиттердин үлүшү 12,7 пайыздык пунктка, 17,1 пайыз деңгээлине чейин көбөйүшү мүмкүн. Экинчи сценарий ишке ашырылган учурда проблемалуу кредиттер 19,0 пайыздык пунктка, 23,4 пайыздык деңгээлге чейин көбөйүшү мүмкүн, ал эми үчүнчү сценарийди ишке ашырууда – 25,3 пайыздык пунктка, 29,7 пайыздык деңгээлге чейин жетиши мүмкүн.

МАЗМУНУ

# IV. ТӨЛӨМ СИСТЕМАЛАРЫ

***Отчеттук мезгилде системалуу мааниге ээ жана маанилүү төлөм системаларында тобокелдиктер деңгээли жол берилген чекте болгон жана Кыргыз Республикасынын мыйзамдарында, төлөм системаларынын эрежелеринде каралган тобокелдиктерди тескөө механизмдери, ликвиддүүлүктүн жогорку деңгээлинин сакталып турушу, камсыздандыруу депозиттери жана алдын ала төлөө системасы менен шарттталган. 2022-жылы соода боюнча өнөктөш өлкөлөрдөгү өлкөлүк тобокелдиктердин Кыргыз Республикасынын төлөм системасына тийгизген таасиринин деңгээлине баа берилген. Натыйжада, Улуттук банк тарабынан финансылык жана операциялык тобокелдиктерди минималдаштыруу боюнча тиешелүү чаралар иштелип чыккан.***

Өлкөнүн финансы секторунун иш туруктуулугун аныктаган негизги факторлордун бири катары натыйжалуу жана үзгүлтүксүз иштеген төлөм системасы саналат.

2023-жылдын 1-январына карата абал боюнча Кыргыз Республикасында төлөм системасы төмөнкү компоненттерден турган:

1. Улуттук банктын ири төлөм системасы – Айкын убакыт ыргагында эсептешүүлөрдүн гросстук системасы (ГСРРВ);

2. Чекене төлөмдөр системасы: Майда чекене жана утурумдук төлөмдөрдүн пакеттик клиринг системасы (ПКС), төлөм карттары менен эсептешүүлөр системасы, акча которуулар системасы, электрондук акча менен эсептешүүлөр системасы, үчүнчү жактардын пайдасына төлөмдөрдү кабыл алуу системалары.

3. Финансылык билдирүүлөрдү кабыл алуу жана өткөрүп берүү үчүн инфраструктура (SWIFT сервис-бюросу, банктар аралык коммуникациялык тармак).

2022-жылдын жыйынтыгында, төлөм системаларынын маанилүүлүгү критерийлерине ылайык:

1. системалуу мааниге ээ төлөм системалары болуп ГСРРВ жана ПКС системалары таанылган;

2. улуттук төлөм системалары болуп ГСРРВ, ПКС жана "Элкарт" системалары таанылган.

Бул системалар Кыргыз Республикасынын төлөм системасынын негизги катышуучулары болуп саналат. Системалуу мааниге ээ жана маанилүү төлөм системаларындагы үзгүлтүктөр өлкөнүн төлөм

**4.1-график. ГСРРВда төлөмдөрдүн жана ликвиддүүлүк көлөмүнүн орточо күндүк көрсөткүчүнүн өзгөрүү динамикасы**




*Булагы: Улуттук банк*

**4.2-график. ГСРРВдагы жеткиликтүүлүк көрсөткүчүнүн жана операциялык тобокелдиктин катышы**




| | 2018 | 2019 | 2020 | 2021 | 2022 |
|---|---|---|---|---|---|
| Техникалык үзгүлтүктөр, % | 0,0 | 0,0 | 0,3 | 0,0 | 0,0 |
| Жеткиликтүүлүк коэффициенти, % | 100,0 | 100,0 | 97,7 | 100,0 | 100,0 |
| Операциялык тобокелдик деңгээли, % | 4,1 | 3,9 | 3,2 | 3,9 | 5,1 |

*Булагы: Улуттук банк*

МАЗМУНУ

системасы үчүн системалуу тобокелдиктерди жаратышы мүмкүн, ушундан улам аларга карата күчөтүлгөн талап коюлат.

2022-жылы ичинде **ГСРРВ** штаттык режимде иштеген.

ГСРРВда финансылык тобокелдиктердин деңгээли катышуучулардын эсептериндеги ликвиддүү каражаттардын жогору деңгээлинин эсебинен төмөн бойдон калган: катышуучулардын орточо күндүк ликвиддүү каражаттарынын көлөмү 36,7 пайызга көбөйүүнү көрсөтүп (2021-жылга салыштырганда), 38,6 млрд сомду түзгөн.

Айкын убакыт ыргагында эсептешүүлөрдүн гросстук системасынын жеткиликтүүлүк деңгээли 2022-жылы ичинде 100,0 пайызды түзүү менен жогору бойдон сакталып калган, ал эми операциялык тобокелдик деңгээли операциялык күндүн узартылышын эске алганда 5,1 пайызды түзгөн.

Отчеттук мезгилде пакеттик клиринг системасында финансылык тобокелдиктердин деңгээли да төмөн деңгээлде болгон. Катышуучулар тарабынан дебеттик таза позициянын ордун жабууга каралган кам зарыл деңгээлден дээрлик 3 эсеге ашкан. Пакеттик клиринг системасынын ишине мониторинг жүргүзүүнүн жыйынтыгы боюнча системанын жеткиликтүүлүк көрсөткүчү отчеттук мезгил ичинде жогору бойдон калып, 99,9 пайызды түзгөн. Мында, системадагы иш үзгүлтүктөрүн, ошондой эле системанын айрым катышуучуларынын суроо-талабы боюнча узартылышын жана убактылуу токтотулушун эске алганда, системада операциялык тобокелдиктин деңгээли 5,1 пайызды түзгөн.

**Банктык төлөм карталары менен эсептешүүлөр системалары.** 2023-жылдын 1-январына карата абал боюнча Кыргыз Республикасында алты эл аралык система, "Элкарт" улуттук системасы жана "Элкарт-UP[36]" системасынын кобейджинг карталары иштеп турган.

Отчеттук мезгил ичинде **"Элкарт" системасы менен** 21 коммерциялык банк иш алып барган.

**4.3-график. ПКСте жеткиликтүүлүк көрсөткүчүнүн жана операциялык тобокелдиктин катышы**




| | 2018 | 2019 | 2020 | 2021 | 2022 |
|---|---|---|---|---|---|
| Техникалык үзгүлтүктөр, % | 0,0 | 0,0 | 0,1 | 0,3 | 0,1 |
| Жеткиликтүүлүк коэффициенти, % | 100,0 | 100,0 | 98,0 | 99,7 | 99,9 |
| Операциялык тобокелдик деңгээли, % | 5,8 | 4,5 | 3,1 | 6,4 | 5,1 |

*Булагы: Улуттук банк*

**4.4-график. Бирдиктүү банктар аралык процессинг борборунда жеткиликтүүлүк көрсөткүчүнүн жана операциялык тобокелдиктин катышы**




| | 2018 | 2019 | 2020 | 2021 | 2022 |
|---|---|---|---|---|---|
| Жеткиликтүүлүк коэффициенти, % | 99,2 | 99,8 | 99,9 | 99,8 | 99,8 |
| Операциялык тобокелдик, % | 0,8 | 0,2 | 0,1 | 0,2 | 0,2 |

*Булагы: Улуттук банк*

[36] "Кыргыз Республикасындагы банктык төлөм карттар жөнүндө" жобого ылайык ко-бейджинг картасы

2022-жылы системанын ишине мониторинг жүргүзүү жана аны талдоо жыйынтыгы боюнча анын жеткиликтүүлүк көрсөткүчү 99,8 пайызды, ал эми системада операциялык тобокелдиктердин деңгээли техникалык үзгүлтүктөрдү эске алуу менен 0,2 пайызды түзгөн.

**Акча которуу системалары.** 2022-жыл ичинде коммерциялык банктарда эсеп ачуусуз эл аралык акча которууларды алуу жана жөнөтүү тогуз **эл аралык акча которуу системасы** аркылуу жүзөгө ашырылган.

**Акча которуулардын локалдык системалары** боюнча 2023-жылдын 1-январына карата акча которуулардын 14 локалдык системасы иштеп турган, Кыргыз Республикасынын банктары алардын операторлору болуп саналат.

**Электрондук акча менен эсептешүүлөр системалары.** 2022-жылдын акырына карата электрондук акчанын эмитенттери болуп алты коммерциялык банк саналган, электрондук акчаны чыгарууга лицензияны он коммерциялык банк алган, электрондук акча менен эсептешүү боюнча сегиз локалдык система иш алып барган.

2023-жылдын 1-январына карата 2022-жылдын тиешелүү мезгилине салыштырганда электрондук капчыктардын саны 5,4 млн даанадан ашык капчыкты түзүү менен 14,6 пайызга көбөйгөн.

Анын ичинен идентификацияланган электрондук капчыктардын саны болжол менен 2 016 миңди, б.а электрондук капчыктардын жалпы санынын 37,2 пайызын түзөт.

**Финансылык билдирүүлөрдү алмашуу каналдары.** Кыргыз Республикасынын финансы системасында банктык жана төлөм системалары финансылык билдирүүлөрдү алмашуу үчүн төмөнкүдөй каналдарды пайдаланат:

- банктар аралык коммуникациялык тармак;
- финансылык билдирүүлөрдү алмашуу каналдары (SWIFT ж.б.);
- Банк-Банк / Банк-Кардар системалары.

SWIFT банк системасы үчүн корреспондент-банктар менен чек ара аркылуу өтүүчү финансылык билдирүүлөрдү алмашуунун негизги каналы болуп саналат.

2022-жылдын акырына карата Кыргыз Республикасынын төлөм инфраструктурасына **үчүнчү жактардын пайдасына төлөмдөрдү кабыл алуу** боюнча 23 банктык эмес система кирет.

Рынокто үчүнчү жактардын пайдасына төлөмдөрдү кабыл алуу системасы көп санда болгондугун эске алганда, бул сегментте атаандаштык күчөгөн.

*Эскертүү: Сунушталган маалыматтар коммерциялык банктардын жана төлөм системаларынын операторлорунун мүмкүн болуучу корректировкаларына байланыштуу өзгөрүшү мүмкүн.*

# V. БАНК СЕКТОРУНУН ИШИН ЖӨНГӨ САЛУУНУ ӨРКҮНДӨТҮҮ

***Отчеттук мезгилде финансы-кредит уюмдарынын ишин жөнгө салуучу ченемдик укуктук базанын жакшыртылышы, негизинен, түзүлгөн геосаясий жагдайга байланыштуу банк системасындагы туруктуулукту сактоого, 2022-жылдын сентябрь айында Баткен жана Ош областтарындагы куралдуу кагылышуудан жабыркаган кардарлардын укугун коргоого, ислам каржылоо принциптерин өнүктүрүүгө жана ченемдик укуктук актыларды Кыргыз Республикасынын мыйзамдарына ылайык келтирүүгө багытталган.***

1. Иджара мунтахийя биттамлик жана иджара сервис типтүү келишимдерин стандартка келтирүү максатында, Кыргыз Республикасынын Улуттук банк Башкармасынын 2022-жылдын 24-февралындагы №2022-П-12/9-4-(НПА) "Кыргыз Республикасынын Улуттук банкынын айрым ченемдик укуктук актыларына өзгөртүүлөрдү киргизүү тууралуу" токтому кабыл алынган. Өзгөртүүлөр банктын кардарларына сунушталуучу ислам банктык бүтүмдөрүнүн тизмегин кеңейтүүгө багытталган.

2. Улуттук банк Башкармасынын 2022-жылдын 9-мартындагы "Кыргыз Республикасынын Улуттук банк Башкармасынын 2017-жылдын 8-июнундагы №2017-П-12/23-1- (НПА) "Банк ишин лицензиялоо жөнүндө" жобону бекитүү тууралуу токтомуна өзгөртүүлөрдү киргизүү жөнүндө" токтому бекитилген.

Бул токтом "Банк ишин лицензиялоо жөнүндө" жобону жаңыдан кабыл алынган Кыргыз Республикасынын Укук бузуулар жөнүндө кодексине ылайык келтирүү, ошондой эле коммерциялык банктардын электрондук форматта берилүүчү айрым каттарын кагаз жүзүндө жөнөтүү талабын жокко чыгаруу маселеси боюнча Улуттук банктын ченемдик укуктук актыларын өркүндөтүү, атайын милдеттерди аткаруу үчүн ишке тартылган банктардын Шарият кеңешинин мүчөлөрүнүн жана Улуттук банктын туунду банктарынын башкармасынын мүчөлөрүнүн эмгек стажына (тажрыйбасына) карата белгиленген талаптарды кайра карап чыгуу максатында кабыл алынган..

3. Банк системасынын финансылык туруктуулугун колдоо, финансы рыногундагы жагдайды турукташтыруу жана банктардын операциялык ишинин үзгүлтүксүздүгүн камсыз кылуу үчүн Улуттук банк Башкармасынын 2022-жылдын 10-мартындагы №2022-П-12/13-2-(НПА) "Кыргыз Республикасынын Улуттук банкынын Кыргыз Республикасынын коммерциялык банктарынын ишин жөнгө салуу боюнча убактылуу чечимдери жөнүндө" токтому кабыл алынган.

Аталган токтомдо коммерциялык банктардын ишин жөнгө салуучу ченемдик укуктук актылардын айрым талаптары кайра каралган.

Натыйжада, банктар үчүн Улуттук банктын тиешелүү чечими кабыл алынганга чейин жаңыдан берилген кредиттер боюнча кредиттик тобокелдик деңгээлин колдонуудагы 150 пайыздын ордуна 300 пайыз өлчөмүндө белгилөө зарылдыгы тууралуу чечим кабыл алынган.

Мындан тышкары, банк системасында ликвиддүүлүктү сактоо жана коммерциялык банктардын акча каражаттарын сактоо максатында, банк-резиденттер ортосунда чет өлкө валютасындагы эсептер боюнча корреспонденттик мамилелерди түзүүгө мүмкүнчүлүк берилген.

4. Жеке адамдар, анын ичинде жеке ишкер катары каттоодон өткөрүлгөндөр менен банктык эсептерди (аманаттарды) ачуу жол-жобосун жөнөкөйлөтүү, ошондой эле Улуттук банктын ченемдик укуктук актыларын 2022-жылы жаңыдан күчүнө кирген Кыргыз Республикасынын Салык кодексине ылайык келтирүү максатында Улуттук банк Башкармасынын 2022-жылдын 23-мартындагы №2022-П-12/17-5-(НПА) токтому менен банктык эсептерди (аманаттарды) ачууда зарыл болгон документтердин тизмесинен төмөнкүлөр алынып салынган:

- салык төлөөчүнүн салыктык каттоодон өткөндүгү тууралуу тиешелүү мамлекеттик органдын маалым каты (кагаз жүзүндө же электрондук документ түрүндө);
- кол тамга үлгүсү, анын ичинде жеке ишкер үчүн мөөрдүн оттискасы менен кол тамга үлгүлөрүнүн карточкасы.

Бул токтомдун кабыл алынышы, айрыкча, геосаясий кырдаалдын начарлашына байланыштуу, тез акча которуу системалары боюнча чек ара аркылуу өтүүчү которууларды жүзөгө ашыруу мүмкүнчүлүгү төмөндөгөн учурда кардарларга эсеп ачуу менен которууларды жигердүү колдонуу мүмкүнчүлүгүн берет.

5. Улуттук банктын ченемдик укуктук актыларын Финансылык отчеттуулуктун эл аралык стандарттарына (мындан ары – ФОЭС), атап айтканда, “Финансылык инструменттер” деп аталган 9-стандартына ошондой эле бухгалтердик эсепке алуу боюнча мыйзамдарга ылайык келтирүү максатында, Улуттук банк Башкармасынын 2022-жылдын 23-мартындагы №2022-П-12/17-4-(НПА) “Кыргыз Республикасынын Улуттук банкынын бухгалтердик эсепке алуу чөйрөсүндөгү айрым ченемдик укуктук актыларына өзгөртүүлөрдү киргизүү жөнүндө” токтому кабыл алынган.

6. Россия Федерациясынын жана россия банктарынын эл аралык банктарынын эл аралык рейтингдери төмөндөшүнөн улам, банк системасында туруктуулукту камсыз кылуу жана банктардын ликвиддүүлүк ченемин бузуу тобокелдиктерине жол бербөө максатында Улуттук банк Башкармасынын 2022-жылдын 23-мартындагы №2022-П-12/17-6-(НПА) токтому кабыл алынган, ага ылайык коммерциялык банктарга ликвиддүүлүк ченемдерин эсептөөдө Россия Федерациясынын суверендүү рейтингин, ошондой эле россиялык банк-контрагенттердин рейтингин 2022-жылдын 1-февралына карата белгиленген деңгээлде сактоого уруксат берилген.

Бул чара 2022-жылдын 1-июлуна чейин колдонулган.

7. Банк системасына тышкы экономикалык кескин жагдайдын таасирин жөнгө салуу жана активдерди классификациялоо, анын ичинде реструктуризацияланган кредиттер боюнча айрым талаптарды белгилөө үчүн, Улуттук банк Башкармасынын 2022-жылдын 31-мартындагы №2022-П-12/19-4-(НПА) “Кыргыз Республикасынын Улуттук банкынын финансы-кредит уюмдары тарабынан активдерди классификациялоо боюнча кошумча убактылуу чечимдери жөнүндө” токтому бекитилген.

8. Мезгил-мезгили менен берилүүчү регулятивдик банктык отчеттун формаларын “Коммерциялык банктардын ликвиддүүлүгүнүн ордун жабуу коэффициентин эсептөө жөнүндө” жобого ылайык келтирүү, ошондой эле реструктуризацияланган кредиттер боюнча маалымат алуу максатында Улуттук банк Башкармасынын 2022-жылдын 6-апрелиндеги №2022-П-12/20-1-(НПА) “Кыргыз Республикасынын Улуттук банкынын айрым ченемдик укуктук актыларына өзгөртүүлөрдү киргизүү жөнүндө” токтому кабыл алынган.

Токтомдо, ошондой эле Улуттук банктын талаптарына ылайык, банктардын финансылык отчетторунда мүмкүн болуучу жоготуулар жана чыгымдар боюнча резервдин өлчөмүн ачыктоо боюнча тактоолор каралган.

9. Улуттук банк Башкармасы тарабынан 2022-жылдын 20-апрелиндеги №2022-П-12/25-2-(НПА) “Кыргыз Республикасынын Улуттук банкынын активдерди классификациялоо боюнча кошумча убактылуу чечимдери жөнүндө” токтому кабыл алынган.

Бул токтом мамлекеттер аралык (өкмөттөр аралык) келишимдин алкагында түзүлгөн фонддун кепилдиги менен камсыздалган, Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 2022-жылдын 16-мартындагы №120-б буйруусу менен бекитилген “Агро-өнөр жай комплексин кредиттөө” долбоорун ишке ашыруу максатында берилүүчү кредиттерди классификациялоо боюнча айрым талаптарды белгилөө үчүн кабыл алынган.

10. Банктык кызматтарды керектөөчүлөр үчүн тышкы экономикалык кескин жагдайлардын таасирин жөнгө салуу жана коммерциялык банктар менен банк эмес финансы-кредит уюмдары үчүн айрым талаптарды белгилөө максатында Улуттук банк Башкармасынын 2022-жылдын 27-апрелиндеги №2022-П-12/27-4-(БС) “Кыргыз Республикасынын Улуттук банкынын айыптык санкциялар боюнча кошумча убактылуу чечимдери жөнүндө” токтому кабыл алынган.

Бул токтомдо коммерциялык банктар менен банк эмес финансы-кредит уюмдары үчүн кредиттик келишимде каралган милдеттенмелерди аткарбагандыгы/талаптагыдай аткарбагандыгы үчүн карыз алуучуларга карата айыптык санкцияларды, анын ичинде үстөк айып (айып пул/туум) салууга жана алууга убактылуу чектөө киргизилген.

МАЗМУНУ

11. Финансылык кызмат көрсөтүүлөрдүн жеткиликтүүлүгүн жогорулатуу, мындан аркы туруктуу экономикалык өсүштү камсыз кылуу, ошондой эле Кыргыз Республикасынын банк секторун өнүктүрүү, кредиттөө системасын өркүндөтүү жана оптималдаштыруу максатында Кыргыз Республикасынын Улуттук банк Башкармасынын 2022-жылдын 18-майындагы № 2022-П-12/31-1-(БС) токтому менен "Кыргыз Республикасында синдикатталган кредиттөөнү ишке ашыруу тартиби жөнүндө" жобо бекитилген.

12. Улуттук банк Башкармасы тарабынан 2022-жылдын 2-июнундагы №2022-П-12/35-1-(НПА) "Банктын, турак жай-сактык кредиттик компаниясынын, депозиттерди тартуу менен иш алып барган микрофинансылык компаниянын аманатчылар алдындагы милдеттенмелери жөнүндө маалымат базасын жүргүзүү боюнча нускоону бекитүү тууралуу" токтому бекитилген.

Токтом банктын, турак жай-сактык кредиттик компаниясынын, депозиттерди тартуу менен иш алып барган микрофинансылык компаниянын аманатчылар алдындагы милдеттенмелери жөнүндө маалымат базасын туура жүргүзүү жана толтуруу боюнча талаптарды күчөтүү максатында иштелип чыккан.

13. Жаңы түзүлгөн, ошондой эле иштеп жаткан кредиттик союздар үчүн экономикалык ченемдерди эсептөө боюнча бирдиктүү ыкманы белгилөө, кредиттик союздардын капиталынын ликвиддүүлүк жана шайкештик ченемдери боюнча талаптарды жеңилдетүү, кредиттик союздар бардык операцияларды накталай эмес түрдө жүргүзсө, кредиттик союздарга сактык пайларды кабыл алуу жана кредиттерди кассалык жайсыз эле берүү боюнча операцияларды жүргүзүүгө мүмкүндүк берүү максатында Улуттук банк Башкармасынын 2022-жылдын 15-июнундагы №2022-П-33/37-2-(НФКУ) "Кыргыз Республикасынын Улуттук банкынын кредиттик союздарды жөнгө салган айрым ченемдик укуктук актыларына өзгөртүүлөрдү киргизүү жөнүндө" токтому кабыл алынган.

14. Кыргыз Республикасында экономикалык коопсуздукту камсыз кылуу жана дүйнөдө орун алып турган геосаясий кырдаалга жана алардын ички финансылык рынокко таасирине байланыштуу алгылыксыз жагдайларды жана тобокелдиктерди кыскартуу максатында, Улуттук банк Башкармасынын 2022-жылдын 22-июлундагы №2022-П-33/45-2-(НПА) "Чет өлкө валютасында алмашуу операцияларын жүргүзүү чөйрөсүндө убактылуу чечимдер жөнүндө" токтому кабыл алынган.

15. Кызмат көрсөтүүлөрдүн жеткиликтүүлүгүн жогорлатуу кызыкчылыгында буга чейин иштеп жаткан жана жаңы катышуучулардын банк жана төлөм системалары рыногуна инновациялык банктык операцияларды жана кызмат көрсөтүүлөрдү/технологияларды киргизүүдө атайын жөнгө салуу режимине катышуу жана тоскоолдуктарды азайтуу, атаандаштыкты өнүктүрүү жана финансы кызмат көрсөтүүлөрүнүн наркын төмөндөтүү, инновациялык ишти тартипке келтирүү жана контролдоо үчүн шарттарды жана критерийлерди конкреттештирүү максатында, Улуттук банк Башкармасы 2022-жылдын 27-июлундагы №2022-П-12/47-4-(НПА) "Кыргыз Республикасынын Улуттук банк Башкармасынын 2020-жылдын 12-августундагы №2020-П-12/45-3-(НПА) "Атайын жөнгө салуу режими жөнүндө" жобону бекитүү тууралуу" токтомуна өзгөртүүлөрдү киргизүү жөнүндө" токтому кабыл алынган.

16. Банк эмес финансы-кредит уюмдарынын жана Улуттук банктын көзөмөлдүгүнө алынган башка юридикалык жактардын ишине инспектордук текшерүү жүргүзүү боюнча талаптарды белгилеген ченемдик укуктук актыларды оптималдаштыруу максатында, Улуттук банк Башкармасынын 2022-жылдын 17-августундагы №2022-П-33/52-2-(НФКУ) "Банк эмес финансы-кредит уюмдарынын жана Кыргыз Республикасынын Улуттук банкынын көзөмөлдүгүнө алынган башка юридикалык жактардын ишине инспектордук текшерүү жүргүзүү жөнүндө нускоону бекитүү тууралуу" токтому кабыл алынган.

17. Кыргыз Республикасынын "Кыргыз Республикасындагы кепилдик фонддор жөнүндө" мыйзамына өзгөртүүлөр киргендигине байланыштуу, Улуттук банк Башкармасынын 2022-жылдын 26-сентябрындагы №2022-П-33/59-4-(НФКУ) "Кыргыз Республикасынын Улуттук банкынын кепилдик фонддор боюнча айрым ченемдик укуктук актыларына өзгөртүүлөрдү киргизүү жөнүндө"

токтому кабыл алынган, буга ылайык кепилдик фонддор финансы-кредит уюмдары менен макулдашуулардын алкагында мамлекеттик турак-жай программаларынын катышуучуларына кепилдик портфелин жана кепилдиктерди бере алышат, кепилдиктерди берүү саясатына карата талаптар аныкталган, ошондой эле кепилдик фондунун акцияларын сатып алууга уруксат алуу үчүн талаптар катуулатылган.

18. Улуттук банк Башкармасынын 2022-жылдын 28-сентябрындагы №2022-П-12/60-2-(НПА) "Кыргыз Республикасынын Улуттук банкынын айрым убактылуу чечимдерин күчүн жоготкон катары таануу жөнүндө" токтому кабыл алынган.

Көрсөтүлгөн токтомго ылайык COVID-19 коронавирус инфекциясынын жайылышына каршы күрөшүү үчүн кабыл алынган чектөө таасирлерин жеңилдетүү үчүн, ошондой эле тышкы экономикалык таасирлердин терс натыйжаларына байланыштуу кабыл алынган Улуттук банк Башкармасынын айрым убактылуу токтомдору күчүн жоготкон.

19. Системанын туруктуулугун, коопсуздугун жана ишенимдүүлүгүн бекемдөө, ошондой эле коомчулуктун банк эмес финансы-кредит уюмдарына ишенимин жогорулатуу максатында, Улуттук банк Башкармасынын 2022-жылдын 5-октябрындагы №2022-П-33/61-2-(НФКУ) "Банк эмес финансы-кредит уюмдарынын уставдык капиталынын минималдуу өлчөмү жөнүндө" токтому жана №2022-П-33/61-3-(НФКУ) "Кыргыз Республикасынын Улуттук банкынын айрым ченемдик укуктук актыларына банк эмес финансы-кредит уюмдарынын уставдык капиталына тиешелүү маселелер боюнча өзгөртүүлөрдү киргизүү тууралуу" токтому кабыл алынган.

20. 2022-жылдын сентябрь айында Баткен жана Ош областтарында болуп өткөн куралдуу кагылышуунун натыйжасында жабыркаган коммерциялык банктардын, банк эмес жана адистештирилген финансы-кредит уюмдарынын кардарларына колдоо көрсөтүү максатында, Улуттук банк Башкармасынын 2022-жылдын 6-октябрындагы №2022-П-12/62-2 (НПА) "Баткен жана Ош областтарындагы куралдуу кагылышуунун натыйжасында жабыркаган коммерциялык банктардын, банк эмес жана адистештирилген финансы-кредит уюмдардын кардарларына колдоо көрсөтүү маселелери боюнча Кыргыз Республикасынын Улуттук банкынын айрым чечимдери тууралуу" токтому кабыл алынган.

21. Улуттук банктын ченемдик укуктук актыларын ченем чыгаруу техникасына тийиштүү мыйзам талаптарына ылайык келтирүүнүн алкагында Улуттук банк Башкармасынын 2022-жылдын 12-октябрындагы №2022-П-12/63-1-(НПА) токтому менен Кыргыз Республикасынын коммерциялык банктарынын капиталынын жетиштүүлүгү (шайкештиги) стандарттарын аныктоо боюнча нускоонун жаңы редакциясы кабыл алынган.

22. Улуттук банктын ченемдик укуктук актыларын Кыргыз Республикасынын Граждандык кодексинин талаптарына ылайык келтирүү максатында, Улуттук банк Башкармасынын 2022-жылдын 12-октябрындагы №2022-П-12/70-1-(НПА) "Кыргыз Республикасынын Улуттук банкынын айрым ченемдик укуктук актыларына өзгөртүүлөрдү киргизүү тууралуу" токтому кабыл алынган.

23. Кыргыз Республикасынын Баткен областында жашаган жана чарба ишин жүргүзгөн жарандарга, ишкерлик субъекттерине колдоо көрсөтүү, каржылоонун жеткиликтүүлүгүн кеңейтүү, ошондой эле 2022-жылдын сентябрь айында Баткен областында болуп өткөн куралдуу кагылышуунун натыйжасында жабыркаган административдик-аймактык бирдиктерди калыбына келтирүү жана өнүктүрүү үчүн шарттарды түзүү максатында, Улуттук банк Башкармасынын 2022-жылдын 18-ноябрындагы №2022-П-12/71-1(НПА) "Кыргыз Республикасынын Улуттук банкынын Баткен областындагы карыз алуучуларга кредиттерди берүү маселелери боюнча айрым убактылуу чечимдери тууралуу" токтому кабыл алынган.

24. Коммерциялык банктардын чет өлкө валютасын сатып алуу/сатуу боюнча алмашуу бюролору менен операцияларды жүргүзүүсүнө чектөөлөрдү убактылуу алып салуу максатында, Улуттук банк Башкармасынын 2022-жылдын 30-ноябрындагы №2022-П-12/74-4-(НПА) "Кыргыз Республикасынын Улуттук банк Башкармасынын 2022-жылдын 5-сентябрындагы №2022-П-33/55-1-(НПА) "Кыргыз Республикасынын Улуттук банк Башкармасынын 2022-жылдын 22-июлундагы

№2022-П-33/45-2-(НПА) “Чет өлкө валютасында алмашуу операцияларын жүргүзүү чөйрөсүндө убактылуу чечимдер жөнүндө” токтомунун аракетин убактылуу токтотуу тууралуу” токтомуна өзгөртүү киргизүү жөнүндө” токтому кабыл алынган.

Бул токтом менен Улуттук банк Башкармасынын 2022-жылдын 22-июлундагы №2022-П-33/45-2-(НПА) “Чет өлкө валютасында алмашуу операцияларын жүргүзүү чөйрөсүндө убактылуу чечимдер жөнүндө” токтомунун аракети 2023-жылдын 1-мартына чейинки мөөнөткө убактылуу токтотулган.

25. Улуттук банктын ченемдик укуктук актыларын Кыргыз Республикасынын “Банктар жана банк иштери жөнүндө” мыйзамына ылайык келтирүү максатында, Улуттук банк Башкармасынын 2022-жылдын 14-декабрындагы №2022-П-12/78-8-(НПА) “Кыргыз Республикасынын Улуттук банкынын айрым ченемдик укуктук актыларына капитал шайкештиги, банктык эсептер жана сейфтер маселелери боюнча өзгөртүүлөрдү киргизүү жөнүндө” токтому кабыл алынган.

Токтомдо төмөнкү маселелерге тийиштүү өзгөртүүлөр камтылат:

- уставдык капитал түзүү, банктын акцияларын сатып алуу жана банктын капиталына чектүү катышуу;
- эсептерди жана сейфте сакталган буюмдарга арест коюу;
- Улуттук банк тарабынан дивиденддерди төлөөгө тыюу салуу же болбосо чектөө боюнча негиздерди кеңейтүү.

26. Улуттук банктын ченемдик укуктук актыларын Кыргыз Республикасынын “Кыргыз Республикасынын Улуттук банкы жөнүндө” конституциялык Мыйзамына жана Кыргыз Республикасынын “Банктар жана банк иштери жөнүндө” мыйзамына ылайык келтирүү максатында, Улуттук банк Башкармасынын 2022-жылдын 14-декабрындагы №2022-П-12/78-10-(НПА) “Кыргыз Республикасынын Улуттук банкынын айрым ченемдик укуктук актыларына өзгөртүүлөрдү киргизүү жөнүндө” токтому кабыл алынган. Токтом техникалык мүнөздөгү өзгөртүүлөрдү камтыйт.

27. Улуттук банктын ченемдик укуктук актыларынын талаптарын Кыргыз Республикасынын “Кыргыз Республикасынын Улуттук банкы жөнүндө” конституциялык Мыйзамына жана Кыргыз Республикасынын “Банктар жана банк иштери жөнүндө” мыйзамына ылайык келтирүү максатында, банк эмес финансы-кредит уюмдарынын ишин жөнгө салуу маселелери боюнча Улуттук банк Башкармасы тарабынан 2022-жылдын 21-декабрындагы №2022-П-12/81-7-(НФКУ) “Кыргыз Республикасынын Улуттук банкынын айрым ченемдик укуктук актыларына өзгөртүүлөрдү киргизүү тууралуу” токтом кабыл алынган.

Токтомдо кардардын кредит (лизинг) боюнча карызын кайсы убакта болбосун кандайдыр бир комиссиялык төлөмдөрсүз, айыптык санкцияларсыз жана башка төлөмдөрсүз мөөнөтүнөн мурда толугу менен же бөлүп-бөлүп төлөө укугуна тиешелүү, мазмуну боюнча жана техникалык мүнөздөгү өзгөртүүлөр каралган.

28. Улуттук банктын ченемдик укуктук актыларын Кыргыз Республикасынын “Кыргыз Республикасынын Улуттук банкы жөнүндө” конституциялык Мыйзамына жана Кыргыз Республикасынын “Банктар жана банк иштери жөнүндө” мыйзамына ылайык келтирүү максатында, 2022-жылдын 28-декабрында №2022-П-12/83-6-(НПА) “Кыргыз Республикасынын Улуттук банкынын айрым ченемдик укуктук актыларына таасир этүү чаралары боюнча өзгөртүүлөрдү киргизүү жөнүндө” токтому кабыл алынган.

Токтомдо төмөнкү маселелерге тиешелүү, мазмуну боюнча жана техникалык мүнөздөгү өзгөртүүлөр камтылат:

- банктарга карата колдонулган таасир этүү чараларынын түрлөрүн айкалыштыруу мүмкүндүгү;
- банктын акционери акцияларын сатуусу жөнүндө Улуттук банктын талап коюуга негиздемеси боюнча толуктоолор;

- банкты реструктуризациялоо жөнүндө маселени кароонун алкагында банк акционерлеринин жалпы чогулушунун чечими боюнча банк ишиндеги өзгөртүүлөрдү регламенттөө жана микрофинансылык компанияга кайра каттоо;

- банктарды ыктыярдуу жана мажбурлап жоюу.

29. Улуттук банктын ченемдик укуктук актыларын Кыргыз Республикасынын "Кыргыз Республикасынын Улуттук банкы жөнүндө" конституциялык Мыйзамына жана Кыргыз Республикасынын "Банктар жана банк иштери жөнүндө" мыйзамына ылайык келтирүү максатында, Улуттук банк Башкармасынын 2022-жылдын 28-декабрындагы №2022-П-12/83-8-(НПА) "Кыргыз Республикасынын Улуттук банкынын айрым ченемдик укуктук актыларына монополияга каршы жөнгө салуу, баа түзүү, туунду жана караштуу компаниялар маселелери боюнча өзгөртүүлөрдү киргизүү жөнүндө" токтому кабыл алынган.

Токтомдо туунду же караштуу компанияда Шарият кеңешин түзүүгө, монополияга каршы жөнгө салуу боюнча талаптарды бузган иш-аракеттерге таасир этүү чараларын колдонууга тийиштүү, мазмуну боюнча жана техникалык мүнөздөгү өзгөртүүлөр каралган.

30. Улуттук банк Башкармасы тарабынан 2022-жылдын 28-декабрындагы №2022-П-12/83-7-(НПА) "Кыргыз Республикасынын Улуттук банкынын айрым ченемдик укуктук актыларына өзгөртүүлөрдү киргизүү жөнүндө" токтом кабыл алынып, ал Улуттук банктын ченемдик укуктук актыларын Кыргыз Республикасынын мыйзамдарына ылайык келтирүү, эсептерди ачуу, банктардын алмашуу операцияларын жүргүзүү тартиби, корпоративдик башкаруу боюнча колдонуудагы талаптарды актуалдаштыруу максатында иштелип чыккан.

Токтомдо төмөнкүлөр боюнча өзгөртүүлөр каралган:

1) банктардын маалым кат-сертификаттары бар болуусу боюнча талаптар алып салынган;

2) банктарды корпоративдик башкаруу боюнча талаптар, анын ичинде комитеттердин жана директорлор кеңешинин отурумдарын өткөрүү, банк операцияларын санариптик платформаларга өткөрүүдө жаңы банктык продукттар боюнча комитет түзүү, ошондой эле алмашуу операциялары боюнча талаптар актуалдаштырылган;

3) Улуттук банктын ченемдик укуктук актыларынын айрым ченемдери Кыргыз Республикасынын Граждандык кодексине, Кыргыз Республикасынын "Банктар жана банк иштери жөнүндө" мыйзамына, Кыргыз Республикасынын "Террористтик ишти каржылоого жана кылмыштуу кирешелерди легалдаштырууга (адалдоого) каршы аракеттенүү жөнүндө" мыйзамына, Кыргыз Республикасынын "Баалоо иши жөнүндө" мыйзамына, Кыргыз Республикасынын "Аудитордук иш жөнүндө" мыйзамына, Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2018-жылдын 25-декабрындагы №606 токтому менен бекитилген "Кардарга талаптагыдай текшерүү жүргүзүүнүн тартиби жөнүндө" жобого ылайык келтирилген;

4) Улуттук банктын айрым ченемдик укуктук актыларына тактоолор киргизилген.

# ГЛОССАРИЙ

*Банктык аманат (депозит)* – бул финансы-кредит уюму башка жак менен түзгөн келишим боюнча кайтарымдуулук, төлөөгө жөндөмдүүлүк, мөөнөттүүлүк шарттарында кабыл алынган акча каражаттар суммасы. Аманаттар мөөнөттүү жана талап боюнча төлөнүүчү болуп бөлүнөт. Талап боюнча төлөнүүчү аманаттардын сактоо мөөнөтү көрсөтүлбөйт, ал эми мөөнөттүү аманаттар – белгилүү бир мөөнөткө салынат.

*Банктык кредиттер* – бул банк тарабынан белгилүү бир мөөнөткө кайтарымдуулук жана кредиттик пайызды төлөөгө жөндөмдүүлүк шарттарында берилген акча каражаттары.

*Валюта рыногу* – чет өлкө валютасын сатып алуу-сатуу боюнча операциялар ишке ашырылган рынок. Экономикалык мазмуну боюнча – бул акча рыногунун сектору, мында валюта сыяктуу өзгөчө товарга суроо-талап менен сунуш тең салмактанып турат. Өз багыты жана уюштуруу формасы боюнча бул атайын институттар жана механизмдер топтому, алар өз ара сурооталап менен сунуштун негизинде улуттук жана чет өлкө валютасын эркин сатуу жана/же сатып алуу мүмкүнчүлүгүн камсыз кылат.

*Акча рыногу* – бул катышуучулар ортосунда кредиттер жана баалуу кагаздар формасындагы каражаттар кыска мөөнөткө сунушталган жана алынган рынок.

*Баалуу кагаздардын кирешелүүлүгү* – баалуу кагаз боюнча жылдык кирешенин анын рыноктук баасына карата катышы; баалуу кагаздын ээси алган пайда ченеми (нормасы).

*Турак жайдын жеткиликтүүлүк индекси* – жарандардын квартира сатып алуу мүмкүнчүлүгү көз карашынан алганда, турак жай рыногунун абалынын көрсөткүчү. Стандарттуу квартиранын (54 чарчы метр жалпы аянты менен) орточо рыноктук наркы үч адамдан турган үй-бүлөнүн (эки чоң адам жана бир өспүрүм) орточо жылдык кирешесине катышы катары эсептелет.

*Төлөм системаларынын жеткиликтүүлүк коэффициенти* – системанын пайдалануучулары үчүн алардын талаптары боюнча кызмат көрсөтүүлөрдөн жана маалыматтардан пайдалануу мүмкүнчүлүгү катары системанын жеткиликтүүлүгүн мүнөздөгөн көрсөткүч. Техникалык үзгүлтүктөрдөн улам иштебей токтоп калуулар, электр энергиясын өчүрүүлөр, системанын операциялык күнүн кеч баштоо же эрте аяктоо, системадан пайдалануу убактысын кыскартат.

*Төлөм системаларынын ликвиддүүлүк коэффициенти* системанын катышуучуларынын эсептеринде төлөмдөрдү жана эсептешүүлөрдү жүргүзүү үчүн ликвиддүү каражаттардын жетиштүүлүгүн мүнөздөйт.

*Макропруденциалдык талдап-иликтөө* – бүтүндөй финансы системасынын күчтүү жактарын жана чабал жерлерин баалоо жана мониторинг жүргүзүү.

*Минималдуу керектөө бюджети* – жашоо минимумуна ылайык келген минималдуу ыңгайлуулуктардын жана кызмат көрсөтүүлөр топтомунун наркы.

*Баалуу кагаздар рыногу* – уюштурулган биржалар жана түзүмдөр (баалуу кагаздардын компания-депозитарийлери, эсепке алуу жана клирингдик палаталар), ошондой эле биржанын ишине байланышкан кызмат көрсөтүүлөрдү сунуштаган башка компаниялар. Бул категорияга иши финансылык корпорациялар тарабынан камсыздалган депозитарийлер жана электрондук клиринг системалары, ошондой эле биржалардын жана аларга байланыштуу институционалдык бирдиктердин ишине көзөмөл жүргүзгөн же аларды жөнгө салган улуттук өз алдынча жөнгө салуучу уюмдар кирет.

*Стресс-тесттер* – портфелдин макроэкономикалык жагдайда же өзгөчө, бирок чындыкка жакын жагдайларда олуттуу өзгөрүүлөргө дуушар болушуна баа берүү үчүн колдонуучу ыкмалар.

*Жумушсуздук деңгээли* – айкын жумушсуз жарандардын санынын экономикалык жигердүү калктын жалпы санына карата пайыздык катышы.

МАЗМУНУ

*Финансылык активдер* өзүндө капиталга катышуу инструменттерин жана инвестициялык фондулардын пайларын/акцияларын, карыздык инструменттерди, туунду финансылык инструменттерди кызматкерлер үчүн акцияларга опциондорду жана монетардык алтынды камтыйт.

# КЫСКАРТУУЛАРДЫН ТИЗМЕСИ

ААК – ачык акционердик коому
АКШ – Америка Кошмо Штаттары
АФКУ – адистештирилген финансы-кредит уюму
БФКУ – банк эмес финансы-кредит уюмдары
ГСРРВ – Айкын убакыт ыргагында эсептешүүлөрдүн гросстук системасы
Жер ресурстары кызматы – Кыргыз Республикасынын Айыл чарба министрлигине караштуу Жер ресурстары кызматы
ИДӨ – ички дүң өнүм
КБ – коммерциялык банк
КБИ – керектөө баа индекси
КЖК – капиталдын жетиштүүлүк коэффициенти
К3.1. – экономикалык ликвиддүүлүк ченеми
К3.2. – кыска мөөнөттүү ликвиддүүлүк ченеми
К3.3 – дароо ликвиддүүлүк ченеми
КММ – күйүүчү-майлоочу материалдар
КР ФМ – Кыргыз Республикасынын Финансы министрлиги
КР УСК – Кыргыз Республикасынын Улуттук статистика комитети
МКВ – мамлекеттик казына векселдери
МКО – мамлекеттик казына облигациялары
МФУ – микрофинансылык уюм
М2 – акча массасы
Мамфинкөзөмөл – Кыргыз Республикасынын Экономика жана коммерция министрлигине караштуу финансы рыногун жөнгө салуу жана көзөмөлдөө мамлекеттик кызматы
Улуттук банк – Кыргыз Республикасынын Улуттук банкы
п.п. – пайыздык пункттар
ПРБО – мезгил-мезгили менен берилүүчү регулятивдик банктык отчет
ПКС – пакеттик клиринг системасы
РППУ – потенциалдуу жоготуулардын жана чыгым тартуулардын ордун жабууга каралган резерв
ТСК – таза суммардык капитал
ФАО (FAO) – БУУнун Азык-түлүк айыл чарба уюму
ФКУ – финансы-кредит уюму
ROA (Return on assets) – активдердин кирешелүүлүк коэффициенти
ROE (Return on equity) – өздүк капиталдын кирешелүүлүк коэффициенти
VaR – пайыздык тобокелдик
COVID-19 (COronaVIrus Disease 2019) – 2019-жылдагы коронавирус инфекциясы
DTI (Debt-to-Income) – карыз алуучунун негизги жылдык кирешесине кредит берүү учурунда (негизги карыздын суммасын жана жарыяланган (билдирилген же декларацияланган) отчеттук мезгил ичиндеги төлөм пайыздарын кошо алганда) карыз алуучунун кредиттер боюнча төлөө суммасынын катышы
LTV (Loan-to-Value Ratio) – берилген кредиттердин көлөмүнүн күрөөлүк камсыздоонун наркына карата катышы